# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | АВГУСТ 2017 | № 8 (69) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөр

Инфраструктурадан кызмат көрсөтүүгө .......... 2

Эмне үчүн ТСКАКБ банкрот абалына кептелди? .......... 4

Сабаттуу депутаттар – туруктуу кызмат көрсөтүүлөр! .......... 5

Масыда жаңы хлордоочу жай – суу коопсуз болот .......... 7

ЖДКЖ Долбоорунун катышуучусу жергиликтүү кеңештин төрайымы болуп шайланды .......... 8

Кызмат көрсөтүүнү эффективдүү уюштуруу – муниципалитеттин туруктуу өнүгүүсүнүн кепили .......... 10

### Социалдык кызмат көрсөтүүлөр

Коррекциялык класстар – өзгөчө билимге муктаж балдарга камкордук .......... 16

Улахолдо Швейцариянын колдоосу менен маданий борбордун расмий ачылыш аземи өттү .......... 20

### Юридикалык консультация

Окуучулардын ишембиликтерге катышуусу жана балдар эмгегинин мыйзамдуулугу жөнүндө. Спирт ичимдиктерин сатуу убактысын чектөө жөнүндө. Аскерге чакырылуучулардын иш сапар чыгымдары жөнүндө. Жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен мектепте электрикти кармоо жөнүндө. Жеке бизнестин бааларына таасир этүү жана салыктарды төлөө жөнүндө. Салыктар боюнча адистин банк чыгымдарынын ордун толуктоо жөнүндө. Мечиттерди жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен күтүү жөнүндө. Жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен калкка материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө .......... 23

### ЖӨБдүн мониторинги жана баалоосу

Кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо: процесстин маанилүү учурлары жана критерийлери .......... 32

**ЖДКЖ Долбоору.** Журналдын бул саны “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун финансылык колдоосу менен чыкты. Швейцариянын өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгы каржыла-ган бул Долбоорду ХЕЛВЕТАС Свисс Интеркооперейшн жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат. Кабыл алууга ыңгайлуу болушу үчүн жана баракты үнөмдөө максатында мындан ары журналда Долбоордун толук аталышынын ордуна ЖДКЖ Долбоору деп кыскача колдонууну туура көрдүк.

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоору.** Ошондой эле журналды чыгарууга “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору да колдоо көрсөттү. Швейцариянын өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгы каржылаган бул Долбоорду Өнүктүрүү саясат институту аткарат. Кабыл алууга ыңгайлуу болушу үчүн жана баракты үнөмдөө максатында мындан ары журналда Долбоордун кыскача аталышы – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору деп колдонулат.

Эки долбоор тең бир булактан каржылангандыктан, тыгыз кызматташтыкта иш алып барып, туруктуу синергетикалык жыйынтыктарга жетүүдө десек болот.

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***
Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***
Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***
Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Мукабадагы сүрөт USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоору тарабынан берилген

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

***Журнал акысыз таркатылат,*** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg; nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.
Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
**ISBN 1694-7053**



# Инфраструктурадан кызмат көрсөтүүгө

**Нурбек ИМАКЕЕВ,**
ЖДКЖ Долбоорунун
жергиликтүү деңгээлде иш алып баруу боюнча менеджери, ӨСИ

ЖДКЖ Долбоорунун алкагында муниципалитеттердин деңгээлиндеги кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана аларга жеткиликтүүлүктү жогорулатууга багытталган гранттык программа ишке ашырылып келет.

Гранттык конкурс үч этап менен өттү. Биринчи этабы 2016-жылы 14 айылдык аймак үчүн өттү. 2017-жылдын апрель айында 16 муниципалитет үчүн экинчи этап өткөрүлдү. Андан соң 2017-жылы май айында муниципалитеттер аралык кызматташтыктын алкагында кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча мыкты аракеттер планына конкурс өткөрүлдү. Гранттык программага баары болуп 30 муниципалитет катышып, алар конкурска 56 КЖАПты – Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер планын сунушташты.

Конкурстун жыйынтыктары боюнча жалпы суммасы 91 784 715 сомго 36 КЖАПка колдоо көрсөтүлдү. Белгилей кетүүчү жагдай, эгерде конкурстун шарттары боюнча өз салымы суралган суммадан 10% кем эмес талабы коюлса, тандалып алынган КЖАП боюнча өнөктөштөрдүн салымын кошкондо жамааттардын өз салымы 28 070 114 сомду түздү же 30% ашык болду. Өз салымын кошууга даярдык муниципалитеттердин жашоочуларына керек болгон тандалып алынган артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдүн актуалдуулугун жана зарылчылыгын ырастап турат.

КЖАП боюнча жумушчу топтор даярдаган кызмат көрсөтүүлөр муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамында жазылган жергиликтүү маанидеги маселелердин алкагындагы кызмат көрсөтүүлөрдү жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү чагылдырып турат. Диаграммада кызмат көрсөтүүлөр тармактар боюнча кандайча бөлүштүрүлгөнүн көрүүгө болот.

ЖДКЖ Долбоорунун гранттык программага карата мамилесинин негизги айырмалуу өзгөчөлүгү – мында негизги басым инфраструктурага эмес, сапаттуу, жеткиликтүү жана туруктуу кызмат көрсөтүүнү уюштурууга жасалат. Мисалы, ичүүчү суу боюнча КЖАПты алалы. Бул жерде сууну керектөөчүгө жеткирип берүүнү уюштуруудан тышкары кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркын эсептөө, сууга тарифти жана жергиликтүү бюджеттен субси-

дияларды бекитүү боюнча чоң жумуштар жасалды. Мунун натыйжасында кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчү үзгүлтүксүз жана сапаттуу кызмат көрсөтө алды. Ошондой эле жеткирип берүүчүнүн өздөрүнө да ишин жакшыртуу боюнча талаптар коюлду. Суу өлчөгүчтөрдү жайылтуу менен ресурстарды гана үнөмдөбөстөн, ошондой эле буга чейин суунун басымы жетпеген жогорку зоналарга да сууну жеткирүү иши жолго салынды.

Гранттык комитеттин мүчөсү, ЖӨБ Союзунун өкүлү Бүбүсара АЛДАКУЛОВАнын баамында, КЖАП инфраструктураны оңдоо же жаңылоо максатын көздөбөстөн, кийин туруктуу жана сапаттуу толук кызмат көрсөтүү болуусуна умтулганы гранттык программанын инновациялык мамилеси болуп калды.

Ошол эле маалда ЖДКЖ Долбоору аярлуу топторго кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү бергени чоң мааниге ээ. Бул үчүн биринчи кезекте артыкчылыктарды тандап алууда аярлуу топтордун пикирлери сөзсүз түрдө эсепке алынды. Ошондой эле физикалык мүнөздөмөсү да – пандустар, өтмө жолдор; жана финансылык жеткиликтүүлүк – өзгөчө аярлуу топтор үчүн жеңилдиктерди жана арзандатууларды кошуу да эсепке алынды.

Мисалы, Жети-Өгүз жана Бостери айылдык аймактарында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн коррекциялык класстарды уюштуруу боюча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер пландары колдоого алынган. Бул КЖАПтын алкагында балдар келечекте инклюзивдүү билим алуу үчүн башталгыч класстарга баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

Гранттык программанын дагы бир өзгөчөлүгү – бул КЖАПты даярдоо үчүн отуз муниципалитеттин ар бирине берилген техникалык жардам гранттары. Техникалык жардам гранттардын алкагында муниципалитеттер долбоордук-сметалык документтерди даярдашып, кызмат көрсөтүүлөрдү башкарууну оптималдаштыруу максатында юристтерди, эксперттерди жана консультанттарды жалдашкан. Долбоордун кошумча таасири катары анын алкагында даярдалган, бирок конкурстук тандоодон



өтпөй калган КЖАПтардын көпчүлүгү башка булактардан каржылоо алган фактты белгилей кетсе болот.

КЖАПты даярдоодо жана аткарууда муниципалитеттер башынан өткөргөн кыйынчылыктарды да белгилей кетүү зарыл. Биринчи кезекте бул – кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын эсептөөдө пайда болгон кыйынчылыктар – кызмат көрсөтүүнүн бирдигинин баасын аныктоо боюнча ченемдик методикалык база жок. Ушул тапта Долбоор мындай методикаларды бекитүү боюнча тиешелүү мамлекеттик ведомстволордун аракеттерин колдоого алууда.

Экинчиден, курулуш сметаларды эсептөөнүн жаңыланган усулу – сом менен эсептөөгө өтүү. Бул усулду Мамархкурулуш 2016-жылдын сентябрында бекиткен. Бирок ушуну менен бирге сметаларды эсептөө методикасы 2017-жылдын январында гана берилген. Бул болсо долбоордук-сметалык документтерди даярдоо, андан кийин тендердик жолжоболорду өткөрүү иштерин кечеңдеткен.

Белгилей кетүүчү дагы бир жагдай бар: бул – гранттык каражаттарды жергиликтүү бюджетке багыттаган, ошол эле маалда мамлекеттик сатып алуулар жол-жобосун сактаган саналуу долбоорлордун бири.

Мамлекеттик сатып алууларга карата дагы бир нерсени айта кетүү керек: сатып алуулар боюнча сертификатка ээ адистер бардык эле муниципалитеттерде боло бербейт. Мунун айынан сатып алуулар жол-жоболору да создугуп, процессти тездетүү үчүн кайра тендерлер өткөрүлүп келди. ЖДКЖ Долбоору мамлекеттик сатып алуулар боюнча кесипкөй экспертти жалдап, ал каражаттар эффективдүү, үнөмдүү жана өз убагында колдонулушу үчүн муниципалитеттерге консультацияларды өткөрүп турду.





# Эмне үчүн ТСКАКБ банкрот абалына кептелди?

**Шербек ДОСУЕВ,**
ЖДКЖ Долбоорунун консультанты

Үстүбүздөгү жылдын 28-июлунда ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Чүй облусунун Кочкорбаев айылдык аймагынын Кеңеш айылында Ош жана Нарын облустарынын пилоттук айылдык аймактары үчүн окутуучу тажрыйба алмашуу сапары уюштурулду. ЖДКЖ Долбоорунун жардамы менен иштелип чыккан бардык чыгашаларды эсепке алуу менен суу үчүн тарифти талкуулоо программанын маанилүү бөлүгү болуп калды.

Совет маалында ичүүчү суунун баасы бардык жерде бирдей болчу. Себеби калкты ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн Кыргыз ССРинин Суу чарба министрлиги жооп берчү. Эгемендик алгандан кийин калкты суу менен жабдуу жана аны бөлүштүрүү боюнча жалпы система административдик-аймактык бирдиктер – шаарлар менен айылдар ортосунда бөлүштүрүлгөн. Ошондуктан ичүүчү суу үчүн тариф ар кайсы жерде ар башкача белгиленди. Биринчиден, бул ар башка жерлерде тарифтер экономикалык эсептерди жүргүзбөстөн, калктын оозеки макулдугу менен белгиленип келген. Экинчиден, тарифтер суу кантип алынганына – суу скважинадан насос менен көтөрүлүп жатабы же өзү агып келеби – мына ушуга жараша болчу. Үчүнчүдөн, тарифтердин баасына амортизациялык чегерүүлөр кошулган эмес. Себеби айрым айылдык аймактарда суу менен жабдуу ТСКАКБнын (Таза суу колдонуучулардын айылдык коомдук бирикмеси) же айыл өкмөтүнүн балансында турат. Айрым ТСКАКБ тарифке амортизациялык чыгашаларды атайын кошчу эмес. Анткени бул сөзсүз түрдө тарифтердин жогорулашына алып келет, ал эми калк муну кабыл албайт. Тарифтердин төмөн болгонунун натыйжасында өлкөдө дээрлик ар бир экинчи ТСКАКБ банкрот абалында калды.

ТСКАКБнын чыгашалуу ишканага айланып калбоосуна жардам берүү максатында ЖДКЖ Долбоору пилоттук айыл өкмөтүндө ичүүчү сууга экономикалык жактан негизделген тарифти эсептөө боюнча атайын Методиканы иштеп чыкты. Бул методика 13 бөлүмдөн турат жана мында суу менен камсыздоого байланышкан бардык чыгашалар эсепке алынган. Мисалы, керектелген суунун өлчөмү, электр энергиясына чыгашалар, сууну жугушсуздандыруу үчүн реагенттер, кызматкерлердин эмгек акысы жана башкалар. Ушуга эле рентабелдүүлүк жана амортизациялык чегерүүлөр бөлүмдөрү да кошулду. Бул Методика универсалдуу жана суу менен камсыздоо боюнча ар бир ишканада колдонулса болот.

Айыл өкмөт башчылары, ТСКАКБ жетекчилери жана айылдык аймактын адистери үчүн уюштурулган тажрыйба алмашуу сапарынын алкагында таза суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүгө тарифти эсептөөнүн Методикасы тартууланды. Сапардын катышуучулары үчүн мындай методика жаңылык болду. Ошондуктан туруктуулукка багытталган ТСКАКБнын ишине, ошондой эле сууну алуунун түрдүү усулдарына – өзү агып келген да, скважинадан насостун жардамы менен алынган сууга да тарифти эсептөөгө байланыштуу суроолор көп болду.

Мындан тышкары катышуучуларга 1999-жылдын 25-мартындагы №33 “Ичүүчү суу жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, тейлөөчү ишкана катары ТСКАКБ суунун тарифин, аны жеткирген үчүн бааны жүйөлүү түрдө негиздеп бериши керектиги айтылды. Бул чыгашаларды жана эсептөөлөрдү калкка көрсөтүп берип, коомдук угууларды өткөрүү зарыл. Бул угууларда тарифти бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынышы керек. Андан соң акыркы чечимди айылдык кеңеш кабыл алат. Кеңештин сессиясында тариф жана ТСКАКБнын сууну жеткирүү, ремонт иштери, тазалоо өңдүү кызмат көрсөтүүлөрүнө баа бекитилет.



# Сабаттуу депутаттар – туруктуу кызмат көрсөтүүлөр!

**Кеңешбек ЭРГЕШОВ,**
ЖДКЖ Долбоорунун гранттар
жана мониторинг/баалоо жүргүзүү боюнча менеджери

Муниципалитеттерге берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты, алардын айылдык аймактардын калкынын жашоо деңгээлине жана сапатына тийгизген таасири муниципалитеттердин ишинин жыйынтыгын баалоодо аныктоочу критерий болуп эсептелет. Жергиликтүү кеңештердин депутаттары кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү саясатты аныкташат, тарифтерди орнотушат жана калкка кызмат көрсөтүүгө жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү тууралуу чечим кабыл алышат. Мындай иштер тажрыйбалуу депутаттар жана ЖӨБ органдарынын жооптуу кызматкерлери бар болгон муниципалитеттерде жүргүзүлөт. Көпчүлүк айылдык аймактарда жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын курамы ар бир шайлоо өткөн сайын алмашып турат. Жаңы шайланган депутаттардын айрым топтору ЖӨБ органдарынын, айыл өкмөттүн жана айылдык кеңештин депутаттарынын ишинен кабарсыз болуп, АӨнүн финансы-экономикалык ишине текшерүү жүргүзүп, башкы бухгалтердик китепти алып чыгып, АӨнүн жооптуу кызматкерлерин иштен бошотуп же дайындап, ӨЗДӨРҮНҮН депутаттык сунуш-талабын аткартуу үчүн акча каражатын бөлүп берүүнү талап кылууга чейин жетишти. Мындай факттар "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорун жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун негиздери" темасына бир катар тренингдерди уюштурууга жана өткөрүүгө түрттү.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын даражетин жогорулатуу максатында 2017-жылдын февраль айынан июлга чейин Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын 19 пилоттук муниципалитетинде тренингдер өткөрүлдү. Тренингдерге 230дан ашуун киши катышты. 20 аялды кошкондо 211и – жергиликтүү кеңештин депутаттары болду. Тренингдер маалында жергиликтүү кеңештердин депутаттарына жана ЖӨБ кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү саясат жана укуктук негиздер жөнүндө базалык маалыматтар берилди.

Тренингдин программасы өзүнө төмөнкүдөй маселелерди камтыды:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат

көрсөтүүлөрдүн укуктук негиздери. „Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзам;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун структурасы. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзам;
- муниципалдык жана социалдык заказды жайылтуу аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүүлөрдү башкаруусу;
- муниципалдык ишканалардын жана муниципалдык мекемелердин ишинин укуктук негиздери;
- ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсингге өткөрүп берүү аркылуу аларды башкаруусу.

Тренингдер өтө үзүрлүү болгонун белгилей кетүү зарыл – катышуучулардын курамы негизинен кайрадан шайланган депутаттардан турду. Окуу процессинде алган билимге канааттанганын депутаттар баса белгилешти.

Жаңы шайланган депутаттардын көбүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү (мамлекеттик, муниципалдык, жергиликтүү маанидеги маселелердин алкагындагы кызмат көрсөтүүлөр) боюнча маалыматы болгон эмес. "Кызмат көрсөтүүлөрдүн кайсы түрлөрү жергиликтүү маанидеги маселелердин алкагында, ал эми кайсылары өткөрүлүп берилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө кирээрин билген эмес. Муниципалдык заказ же аутсорсингге өткөрүп берүү өңдүү усулдар тууралуу да уккан эмес", – деп айтты Долбоордун аймактык координатору Эмилбек АЛЫБАЕВ.

Айылдык кеңештин депутаты: "Биринчи жолу шайланып келген депутат катары мен үчүн бул тренинг өтө пайдалуу болду. Чынымды айтсам, айыл өкмөттүн жана айылдык кеңештин депутаттарынын иши жөнүндө башка түшүнүктө болуп, аны башкача элестетчүмүн. Бул тренинг ЖӨБ органдарынын




жана АК депутаттарынын ишине көзүмдү ачкандай болду. Мен мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн укуктук негиздери жөнүндө билимге ээ болдум, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин ишинин укуктук негиздери, шаардык округдун жана аймактын мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийлигинин ишин камсыздаган ченемдик-укуктук база жөнүндө билимге ээ болуп, көндүмдөрдү үйрөндүм. Долбоордун консультанты бизге чоң көлөмдөгү практикалык маалыматты берип, башка муниципалитеттердин жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу тажрыйбасы менен бөлүштү. Бул биз үчүн өтө баалуу маалымат болду. Мен алган билимимди өзүмдүн депутаттык ишимде колдонууга аракет жасайм".

Кубанычбек ЖАНЫШОВ, депутат: "Мен сапаттуу жана туруктуу кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууда айылдык кеңештин ролу тууралуу билип калдым. Жаш депутат катары мага кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн реестри боюнча маалымат алуу өтө кызык болду. Көрсө, кызмат көрсөтүү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестринде болбосо, биз бюджеттен каражат бөлүүгө укугубуз жок экен жана айыл өкмөтү аны жашоочуларга жеткире албайт экен".

Канат САРТБАЕВ, шаардык кеңештин төрагасы: "ЖДКЖ Долбоорунун сунушу боюнча жана окуудан кийин биз биринчи жолу муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестрин кабыл алдык. Бул реестр өзүнө 14 кызмат көрсөтүүнү камтыйт. Буга чейин биз муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестри деген эмне экенин билген эмеспиз. Эми болсо реестрибизде жок кызмат көрсөтүүлөргө жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүүгө болбой турганын билип калдык".



**Эмилбек АЛЫБАЕВ,**
ЖДКЖ Долбоорунун Жалал-Абад облусу боюнча аймактык координатору, ӨСИ





# Масыда жаңы хлордоочу жай – суу коопсуз болот

17 миңден ашуун киши жашаган көп улуттуу Масы айылында тургундар жана социалдык объекттер Масынын хозрасчёттук ишканасынын ичүүчү суусу менен камсыздалып келген. Масы айылынын калкына ичүүчү суу 1986-жылы Сай-Маала айылында курулган резервуардын жардамы менен жеткирилчү. Бул резервуарда суу тунгандан кийин белгиленген графикке ылайык көчөлөргө бөлүштүрүлүп берилчү.

Масы айылында сууну жугушсуздандыруу боюнча курулма акчанын жоктугунан улам көп жылдардан бери оңдолбой келген. Мунун айынан курулма жана сууну жугушсуздандыруу үчүн жабдуулар иштебей калган. Натыйжада резервуардан ичүүчү суу системага жугушсуздандырылбастан берилип, бул болсо жашоочулардын ден соолугуна чоң коркунуч жараткан.

Калкты сапаттуу ичүүчү суу менен камсыздоо максатында айыл өкмөтү кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер планын иштеп чыккан. Бул планды ЖДКЖ Долбоору колдоого алып, каржылап берген.

Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер планынын жалпы долбоордук суммасы 348 563 сомду түздү. Анын ичинен 86 300 сому Масы айыл өкмөтүнүн өз салымы болуп эсептелет. Курулуш иштерди аткаруучуну аныктоо максатында мамлекеттик сатып алуулардын порталында конкурс жарыяланып, анын натыйжасында “Каскад” ЖЧК курулуш жумуштарын аткаруучу катары тандалып алынган.

2017-жылдын 20-июлуна карата жугушсуздандыруу үчүн курулманын капиталдык ремонту 85% аткарылды. Капиталдык ремонт боюнча жумуштардын жүрүшүндө темир дарбазалар орнотулуп, өлчөмү 6 $м^3$ болгон септик курулуп, хлордоочу имараттын чатыры жабылып, жаңы каалга жана терезелер орнотулуп, дубалдар шыбалып, керамикалык плитка менен жасалгаланды. Ушул тапта суу түтүктөрүн жана сууну жугушсуздандыруу (хлордоо) үчүн жабдууларды орнотуу боюнча монтаж иштери жүргүзүлдү.

Жугушсуздандыруу (хлордоо) боюнча курулманын капиталдык ремонту аяктагандан кийин калкты санитардык-гигиеналык нормаларга ылайык сапаттуу ичүүчү суу менен камсыздоо мүмкүнчүлүгү пайда болду. Ошондой эле ичүүчү суу менен жабдуу кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртууга да шарт түзүлөт.

Масы айыл өкмөтүнө караштуу Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топ курулуш иштерине мониторинг жана баалоо жүргүзүп келе жатат. Ошондой эле калкка кызмат көрсөтүүнүн жүрүшүндө да мониторинг жүргүзүлүп, анын жеткиликтүүлүгүнө, сапатына жана туруктуулугуна баа берилет. М



# ЖДКЖ Долбоорунун катышуучусу жергиликтүү кеңештин төрайымы болуп шайланды

**Зулайка ДЖАМАНКУЛОВА,**
ЖДКЖ Долбоорунун Ысык-Көл облусу боюнча аймактык координатору, ӨСИ

Айыл өкмөтүнүн көпчүлүк кызматкерлери жергиликтүү деңгээлде сапаттуу кызмат көрсөтүүнү кантип уюштуруу керектиги тууралуу жетиштүү билимге ээ болбогону жашыруун сыр эмес. Ошондуктан Ак-Суу районунун Ак-Чий айыл өкмөтү айылдык аймак ЖДКЖ Долбоорунун пилоттук муниципалитеттеринин катарына кошулганы тууралуу кабарды кубануу менен тосуп алды. Айыл өкмөттүн кызматкерлери буга чейин да ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту менен ийгиликтүү кызматташып келген. Алар айыл өкмөттүн потенциалын жогорулаткан иш-чараларга катышчу. Мунун натыйжасында айыл муктаждыктарын биргелешип аныктоону туура уюштурганды үйрөнүп алышкан. Ушул өңдүү иш-чараларды өткөргөндө жашоочулар чечилиши керек болгон бир катар көйгөйлөрдү көтөрүп чыгышкан эле. Бул көйгөйлөрдү изилдөө менен алектенген жумушчу топтор артыкчылыктуу маселелерди аныктап, аларды биргелешкен аракеттер планына киргизишкен.

Ысык-Көл облусунун Ак-Чий айыл өкмөтүнүн Качыбек айылынын калкы ичүүчү суу менен камсыздалган эмес. Анткени жергиликтүү бюджетте каражат тартыш болуп келген. Жашоочулар жалпы чогулушта жок дегенде мектептерди жана бала бакчаларды ичүүчү суу менен камсыздап берүү маселесин көп көтөрчү. Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча шарттарды түзүү максатында айыл өкмөтүндө жумушчу топ түзүлүп, аны Качыбек айылындагы орто мектептин мугалими Эльмира СУЛТАНБАЕВА жетектеди. Султанбаеванын башкаруу жана пландоо боюнча тажрыйбасы бар

болгондуктан, жумушчу топ эффективдүү иш алып барды. Буга ЖДКЖ Долбоорунун алкагында кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу маселелери боюнча иш-чаралар да көмөктөштү. Жумушчу топ Качыбек айылынын калкынын бир бөлүгүн жана социалдык объекттерди ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча Кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча аракеттер планын (мындан ары – КЖАП) иштеп чыкты. Бул КЖАПты комиссия жактырып, Качыбек айылындагы мектепти, бала бакчаны жана фельдшердик-акушердик пунктту ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча айыл өкмөтүнүн кызмат көрсөтүүсүн жакшыртууга ЖДКЖ Долбоорунан грант утуп алды. Бул объекттерге кошумча суу түтүк трассасына жакын жашаган калкка кызмат көрсөтүүнү уюштурууну чечишти.

Социалдык объекттер жана калк кызмат көрсөтүү үчүн төлөй турган тарифти жумушчу топ, айыл өкмөттүн кызматкерлери жана кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчүлөр ЖДКЖ Долбоорунун алкагында үйрөнгөн методика боюнча чогуу эсептеп чыгышты. Эсептелинген тариф айылдын жалпы чогулушунда талкууланып, ага ошол айылдын жана айылдык аймактагы башка айылдын тургундары катышты. Жаңы тариф айылдык аймактын жашоочулары буга чейин төлөп келген суммадан эки эсе жогору болгонуна карабастан, жумушчу топ жана айыл өкмөт башчысы бул тарифти бекитүү зарыл болгонуна калкты ынандыра алышты. Көп өтпөй жергиликтүү кеңеш тарифти эсептөөнүн методикасын, тарифтин өзүн жана социалдык объекттер менен айрым жарандарга бериле турган субсидияларды бекитти. Жаңы тариф боюнча алына турган кирешелер суу менен жабдуу системасын талаптагыдай



деңгээлде кароого, Качыбек айылынын жашоочуларын ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыздоого жол ачат. Бул болсо Долбоордун туруктуулугуна жана узак мөөнөттүү натыйжасына таасирин тийгизип, ошондой эле ыктымал жаңжалдардын алдын алат.

“Биз буга чейин жарандарга субсидия бөлсө болоорун, дегеле башка көп нерселерди билбептирбиз. Мунун баарына кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча Долбоордун алкагында үйрөндүк”, - деп айтты демилгелүү топтун жетекчиси, Мониторинг жана баалоо тобунун мүчөсү Эльмира СУЛТАНБАЕВА. Айыл үчүн гранттык каражаттарды тартуу жөндөмдүүлүгүн, аракеттерин баалап, айылдык аймактын жашоочулары СУЛТАНБАЕВАны жергиликтүү кеңештин депутаты кылып шайлап алышты. Ал эми депутаттар болсо өз кезегинде аны жергиликтүү кеңештин төрайымы кылып шайлашты. Мунун натыйжасында СУЛТАНБАЕВА жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алган кызматкер болуп калды. Бул болсо гендердик теңдиктин көрсөткүчү болуп саналат.



**USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоору тарабынан даярдалды[1]**

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

[1] Бул макала Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агентствосу (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Макаланын мазмуну үчүн DAI Global LLC жоопту жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.



# Кызмат көрсөтүүнү эффективдүү уюштуруу – муниципалитеттин туруктуу өнүгүүсүнүн кепили

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши биринчи кезекте кызыкчылыктарга багынууга тийиш. Ал эми бул кызыкчылыктар бийликтен жашоо шарттарды чындап жакшыртууга багытталган аракеттерди күтөт. Дал ошондуктан кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын арттыруу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү ЖӨБ органдарынын артыкчылыктуу милдети болуп эсептелет. Бул иштин ийгилиги жарандардын – кызмат көрсөтүүлөрдү түздөн-түз керектөөчүлөрдүн жашоо сапатын жакшыртат[1].

Узак убакыт бою Кыргыз Республикасында ЖӨБ

[1] Ушул жерде жана мындан ары «кызмат көрсөтүү» деген терминди муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр катары да, жамааттын аймагында турмуш тиричилигин уюштурууну кошкондо жергиликтүү маанидеги маселелер катары да түшүнсө болот.

***1-сүрөт. Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясын даярдоо жана ишке ашыруу этаптары***




органдары инфраструктуралык долбоорлорду кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу маселелерин көңүл сыртында калтыруу менен жүзөгө ашырып келишти. Кыргыз Республикасында "тейлеме" мамлекетти түптөөгө карата жаңы мамиле мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун "инфраструктуралык" мамиледен башка нукка бурууну талап кылууда. Бул, демек, объектти куруп коюу эмес, туруктуу системалык жана сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу дегенди билдирет. Бул кызмат көрсөтүүлөр жарандардын суроо-талаптарына жана керектөөлөрүнө багыт алган.

Буга ылайык USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоору Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясынын инновациялык методикасын иштеп чыкты. Стратегия жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде сапаттуу кызмат көрсөтүүнүн туруктуу системасын түзүү боюнча ЖӨБ органдарынын иш-аракеттеринин так алгоритмин көрсөтүп берет.

Стратегия жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу маселелерине тиешелүү болгон муниципалитеттин Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП) ишке ашыруу механизмдеринин бири болуп эсептелет. Жергиликтүү жамааттын артыкчылыктары СЭӨПте калктын структурага салынган суроо-талаптары жана каалоолору түрүндө чагылдырылат. Алар белгилүү бир ресурстар менен камсыздалып, анда алдыга коюлган тапшырмаларды аткаруу боюнча иш-аракеттер көрсөтүлөт. Өнүгүү программасын ишке ашыруунун соңку жыйынтыгы болуп кызмат көрсөтүү эсептелет. Аны уюштуруу үчүн жоопкерчиликти жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алат.

Шаардын же айылдын аймагындагы бардык кызмат көрсөтүүлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруунун системасында орун алган. Ошондуктан кызмат көрсөтүүлөрдүн олуттуу бөлүгү тигил же бул деңгээлде ЖӨБ органдарынын тикелей жана кыйыр катышуусу менен ишке ашат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана колдонуудагы мыйзамдар ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүдөгү ролун жана ыйгарым укуктарын аныктайт. Бул болсо белгилүү бир эрежелерди түзөт, ал эрежелер боюнча ЖӨБ органдары кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурушу керек. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөнкүдөй типтери бар:

- муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр;
- чарбалык-өндүрүштүк мүнөздөгү жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алкагындагы кызмат көрсөтүүлөр;
- өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун алкагындагы кызмат көрсөтүүлөр.

Кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк, анын калкка толугу менен жана сапаттуу жетиши көп учурда



***1-таблица. Ысык-Көл облусундагы артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөр***

| ЖӨБОнун аталышы | Артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөр |
|---|---|
| Теплоключенка АА | Ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу<br>Айылдык аймактагы ички жолдорду өз убагында оңдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу |
| Кереге-Таш АА | Таза суу менен камсыз кылуу кызматын уюштуруу<br>Мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу (бала бакча) |
| Боз-Учук АА | Таза суу менен камсыз кылуу кызматын уюштуруу<br>Айылдык аймактагы ички жолдорду өз убагында оңдоо жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу |
| Ак-Чий АА | Таштандыны туруктуу чыгарып туруу боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу<br>Өлгөн малды көмүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу (биотермикалык чуңкур) |
| Липенка АА | Айыл аймакта маданий массалык иш-чаралардын жана ар түрдүү ийримдердин кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу<br>Айылдык аймактагы ички жолдорду өз убагында оңдоо жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу |
| Жети-Өгүз АА | Спорт комплексинин кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу<br>Таза суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу |
| Оргочор АА | Ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу<br>Айылдык аймактагы ички жолдорду оңдоо жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү өз убагында уюштуруу |
| Дархан АА | Таза суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу |

Көйгөйлөрдүн пайда болуусунун себептери төмөнкүлөр:

- жарандардын жергиликтүү деңгээлде “тейлөө саясатына” катышуусу начар;
- кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө мыйзамдарда кемчиликтер бар, башкаруу, сатып алуулар, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөр менен өз ара аракеттер чөйрөсүндө ЖӨБ органдарынын дарамети төмөн;
- кызмат көрсөтүү процессин уюштуруу, экономикалык туруктуулук, инновациялар ж.б. жаатында кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөрдүн дарамети төмөн;
- кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу үчүн финансы ресурстары чектелүү.

ЖӨБ органдарынын өзүнүн дараметине көз каранды болуп, ыйгарым укуктарды ишке ашыра алуу жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Ушуну менен бирге дарамет өзүнө ЖӨБ органдарынын жөндөмдүүлүгүн жана мүмкүнчүлүктөрүн, анын ичинде кызмат көрсөтүү процессин уюштурууда финансылык мүмкүнчүлүктөрүн камтыйт. ЖӨБ органдары көп учурда өздөрү кызмат көрсөтпөй турганын, аны ишке ашыруу процессин уюштурарын эстен чыгарбоо зарыл.

Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу чөйрөсүндөгү өзөктүү көйгөйлөр – жарандардын күтүүлөрүнө жана керектөөлөрүнө жооп берген сапаттуу кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн камсыздоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүгү чектелүү.



ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болуп турган шарттарда башкаруу усулдарын мүмкүн болушунча көбүрөөк колдонуу маанилүү. Бул бир жагынан кызмат көрсөтүүнүн эң эле натыйжалуу ыкма менен ишке ашырылышын камсыздайт. Ушуну менен бирге тигил же бул кызмат көрсөтүүнүн бардык өңүттөрүн толугу менен эсепке алуу мүмкүн болот.

## КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ УЮШТУРУУ СТРАТЕГИЯСЫ

Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына башкаруучулук чечимдерди эффективдүү кабыл алууга жардам берген документ болуп эсептелет[1].

Стратегия төмөнкү принциптерге негизделет:

- кызыкдар тараптардын мүмкүн болушунча кеңири чөйрөсүн камтыш үчүн Стратегия жөнөкөй жана жеткиликтүү болушу керек;
- сунушталган усулдар, ыкмалар, аспаптар мыйзамдардын нормаларына, айыл өкмөтү,

[1] USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору жайылткан Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу стратегиясы “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоору колдонгон методиканын негизинде иштелип чыккан. Аталган Долбоорду Швейцариянын Эл аралык өнүгүү боюнча бюросу каржылайт жана ХЕЛВЕТАС Свисс Интеркооперейшн менен Өнүктүрүү саясат институту уюмдарынын консорциуму аткарат.

айылдык кеңеш жана жарандар ортосундагы ыйгарым укуктар менен жоопкерчиликтерди тең бөлүштүрүп берүүгө негизделиш керек;
- жарандар Стратегияны ишке ашыруунун бардык этаптарына катышууга тийиш.

Стратегия төмөнкүдөй жыйынтыктарды алууга жардам берет.

- Жарандар өздөрүнүн суроо-талаптарына жана күтүүлөрүнө негизделген сапаттуу жана туруктуу кызмат көрсөтүүгө ээ болушат.
- ЖӨБ органдары кызмат көрсөтүү процессин эң эле эффективдүү ыкма менен уюштура алышат – азыраак каражат сарптап, максималдуу жыйынтык алышат.
- Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөр ЖӨБ органдары менен өз ара пайдалуу келишимдерди түзүшүп, кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууда түшүнүктүү эрежелерди алышат.
- Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу этаптарын ырааттуу аткаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

## USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун 16 пилоттук ЖӨБ органында Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясын иштеп чыгууда жана жайылтууда жетишилген прогресс

Стратегияны жайылтуу – бул артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоого жана аларды жакшыртуу боюнча аракеттердин так планын даярдоого багытталган көп тепкичтүү процесс.

USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоору Кызмат



көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясын жайылтуу боюнча пилоттук ЖӨБ органдары менен тыгыз иш алып барат. Бардык пилоттук ЖӨБдо жумушчу комиссияларды түзүү бул процессте биринчи кадам болгон. Жумушчу комиссиялар калктын бардык катмарларынын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен кызмат көрсөтүүлөрдү эффективдүү уюштуруу үчүн жооптуу болушат. Жумушчу комиссиялар айыл өкмөт башчыларынан же башчылардын орун басарларынан, айылдык кеңештин депутаттарынан, бейөкмөт уюмдардын жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн, ишкерлерден, муниципалитет аппаратынын адистеринен жана калктын түрдүү топторунун кызыкчылыктарын көздөгөн жергиликтүү активисттерден турат. Жалпысынан, ар бир жумушчу комиссиянын курамына 11 адам кирди, ал эми аялдар жана улуттук азчылыктардын өкүлдөрү менен майыптуулугу бар адамдар 50% түздү.

Жумушчу комиссиялар адегенде артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алууга киришти. Жумушчу комиссия кызмат көрсөтүүлөрдү бир нече критерий боюнча баалады. Кызмат көрсөтүү ЖӨБ органынын компетенциясына кирип, ЖӨБдүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасын же планын чагылдырып, башка донордук долбоорлордун иш предмети болбошу керек. Мындан тышкары кызмат көрсөтүү бар болгону менен, ал канааттанды-

*2-таблица. Жалал-Абад облусундагы кызмат көрсөтүүлөр*

| ЖӨБОнун аталышы | Артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөр |
|---|---|
| Бешик-Жон АА | Ички жолдорду оңдоону уюштуруу<br>Аймакты көрктөндүрүүнү жакшыртуу: Бишкек-Ош жолуна арка орнотуу |
| Могол АА | Катуу тиричилик калдыктарын жыйноону, чыгарууну жана жокко чыгарууну уюштуруу<br>Ички жолдорду оңдоону уюштуруу |
| Багыш АА | Ички жолдорду оңдоону уюштуруу<br>Көчөлөрдү жарыктандырууну уюштуруу |
| Ленин АА | Ийрим кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу<br>Мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу |
| Көк-Арт АА | Таза суу менен камсыздоо<br>Ички жолдорду оңдоону уюштуруу |
| Курманбек АА | Спорт кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу<br>Мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу |
| Барпы АА | Алыскы айылдарда ичүүчү суу менен камсыздоону уюштуруу<br>Катуу тиричилик калдыктарын жыйноону, чыгарууну, жок кылууну уюштуруу |
| Ырыс АА | Катуу тиричилик калдыктарын жыйноо, чыгаруу жана жок кылууну уюштуруу<br>Калкты таза суу менен камсыздоону уюштуруу |



рарлык деңгээлде болбошу керек. Соңку критерий – кызмат көрсөтүүнү жарым жылдын ичинде жакшыртуу мүмкүнчүлүгү бар болушу керек.

USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун консультанттары ар бир жумушчу комиссия менен жолугушууларды өткөрүп, Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясын жайылтуунун максаттары менен пайдаларын түшүндүрүп, бир же эки артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүнү аныктоого жардам беришип, бул кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу үчүн алдыдагы иш-аракеттерге анализ жүргүзүштү. Пилоттук ЖӨБ органдарында Жумушчу комиссиялар төмөнкүдөй кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алышты. (1-2-таблицаларды караңыз).

Жумушчу комиссиялардын дараметин бекемдөө үчүн USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоору бир нече ай бою аларга кызмат көрсөтүүлөрдүн бюджети, аларды пландоо, башкаруу жана көзөмөлдү орнотуу маселелери боюнча тренингдерди өткөрдү. Тренингдер мини-лекцияларды, чакан топтордо талкууларды жана презентацияларды колдонуу менен интерактивдүү формада өттү.

Долбоордун эксперттери кызмат көрсөтүүлөр жаатындагы мамлекеттик саясатка, учурдагы кырдаал менен ченемдик-укуктук базага жасалган анализ менен тааныштырышты. Кызмат көрсөтүүлөрдү башкаруунун жаңы усулдары каралып чыкты. Бул усулдар көңүлдү инфраструктуралык инвестициялардан кызмат көрсөтүүлөрдүн туруктуу жана сапаттуу системасын уюштурууга буруу максатын көздөйт. Ошондой эле катышуучулар мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги концепциялары жөнүндө да маалыматтарды алышты. Эксперттер жарандардын жана юридикалык жактардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган суроо-талаптарына, керектөөлөрүнө жана укуктарына толугу менен жооп бериши керектигин түшүнүү канчалык маанилүү болгонун баса көрсөтүштү. Чакан топтордо жумушчу комиссиялардын мүчөлөрү тандалып алынган артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү классификациялап чыгып, кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун усулдарын, кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жана алардын баасын эсептөө усулдарын аныктап алышты. Ошондой эле алар коомдук угууларды өткөрүүнүн маанисин талкуулап, техникалык тапшырманы иштеп чыгуу менен кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөрдү тандап алуунун критерийлерин сүрөттөшүп, кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоонун усулдарын аныкташты.

***"2008-жылдан тартып кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жөнүндө маселелер көтөрүлүп келгенине карабастан, бардык жолугушуулар жана документтер үстүртөдөн болуп, кандайдыр бир көзгө илинерлик жыйынтыктарды берген эмес. USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоору башталгандан бери биз Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясы жөнүндө маалымат алдык. Адегенде мен долбоорго жана Стратегияга карата бир кыйла сын көз караште болчумун. Бирок Стратегияны иштеп чыгып, тренингдерге катышкан сайын колдонулган усулдар жана алдыга коюлган максаттар канчалык реалдуу болгонуна көзүм жетип, эң негизгиси Стратегияны ишке ашыруу үчүн жеке жоопкерчиликти сезе баштадым", – деп айтты Көк-Арт айылдык кеңешинин төрагасы Айбек САТАРОВ.***

Үйрөнгөн көндүмдөрдүн жардамы менен жумушчу комиссиялар артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча так иш-аракеттер планын иштеп чыгышты. Бул этапта пилоттук муниципалитеттерде коомдук угуулар өткөрүлөт. Анда жумушчу комиссиялар жергиликтүү калкты даяр болгон Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиялары жана 2018-жылга бюджеттин долбоорлору менен тааныштырышат. Коомдук угуулар жумушчу комиссияларга жана ЖӨБ органдарына кайтарым байланыштын аспабы болуп, аларга Стратегияны ишке ашыра баштоого жол берет. Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууну ишке ашыра баштаардын алдында жасалчу соңку кадам – жергиликтүү кеңештердеги угуулар. Мында жумушчу комиссиялар жана ЖӨБ органдары бекитилген соңку аракеттер планын алышат.

***"Биздин Стратегия 2017-жылдын 1-августунда коомдук угууларда жактырылып, ушул эле күнү өткөн сессияда жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилди. Кызмат көрсөтүүнү ойдогудай уюштуруу үчүн биз ушул***

***тапта муниципалдык ишкананы каттоодон өткөрүп жатабыз. Ишкана, айыл өкмөтү жана айылдык кеңеш ортосунда үч тараптуу келишим түзүлөт. Бул келишимде аталган ишкананын ишинин бардык өңүттөрү көрсөтүлөт. Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясы сапаттуу кызмат көрсөтүү бардыгы үчүн пайдалуу боло тургандай механизмди иштеп чыгууга жол берет. Ушул тапта бюджеттик ишканаларда өздөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын жакшыртууга стимулу жок, ал эми калк сапаттуу кызмат көрсөтүүгө жетпегендиктен, акы төлөбөйт. Стратегиянын жардамы менен биз мындай кырдаалды өзгөртүп келатабыз", – Ырыс айыл өкмөт аппаратынын инвестициялар боюнча адиси Вахиджон АЛИМЖАНОВ.***

### Дархан айыл өкмөтүнүн мисалы

USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоору менен кызматташуунун натыйжасында Дархан айыл өкмөтү айыл тургундары үчүн артыкчылыктуу болгон кызмат көрсөтүүнү кыска мөөнөттүн ичинде эффективдүү уюштура алды. Түзүлгөн жумушчу комиссия катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнү бөлүп көрсөттү. Айылда мамлекеттик каттоодон өткөн "Тазалык-Дөөлөт" муниципалдык ишканасы бар. Анын карамагында бир трактор жана бир самосвал бар. Айылдын четинде атайын таштанды жайы да бар. Бирок кызмат көрсөтүүнү уюштуруу боюнча тажрыйбанын, калкты туура маалымдоонун жана ишканада каражаттын жоктугунан улам бул кызмат көрсөтүү көп жылдардан бери талаптагыдай деңгээлде ишке ашпай келген.

Кызмат көрсөтүүнү уюштурууда айыл өкмөтү жана жумушчу комиссия Дархан айылынын тургундары сапаттуу, жеткиликтүү, алардын үмүтүн актаган кызмат көрсөтүүгө жете алышы үчүн аракет жасашты.



Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясынын негизинде айыл өкмөтү жана жумушчу комиссия төмөнкүдөй жумуштарды аткарышты:

- калк арасында масштабдуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, анын натыйжасында айылда 23 кварталчы кайрадан шайланды;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары иштелип чыгып, бекитилди;
- таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу үчүн зарыл болгон каражат эсептелип, ар бир короодон 60 сом көлөмүндө тариф аныкталды;
- айыл өкмөтү менен "Тазалык-Дөөлөт" муниципалдык ишканасы ортосунда келишимге кол коюлуп, абоненттик келишимдер жана муниципалдык мүлктү колдонуу жөнүндө келишимдер түзүлдү;
- баштапкы жумуштар үчүн айыл өкмөтүнүн бюджетинен 500 литр күйүүчү май бөлүндү. Дархан айылында баары болуп 1700 үй-бүлө жашайт, социалдык колдоого муктаж 60 үй-бүлөгө жеңилдиктер берилди. Ишкананын рентабелдүүлүгүнө ай сайын 19 285 сом, техниканын амортизациясына 12 500 сом, ошондой эле жумушчулардын эмгек акысына 5 000 сом, бухгалтерге 5 500 сом жана жетекчиге 7 000 сом каралды;
- мындан ары таштанды айына эки жолу – ишемби жана жекшемби күндөрү чыгарылып турат;
- мониторинг жана баалоо боюнча комиссия түзүлүп, анын курамына депутаттар, коомчулуктун өкүлдөрү, аялдардын жана жаштардын уюмдары, ошондой эле аксакалдар сотунун мүчөлөрү кирди.

Таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү 2017-жылдын 29-июлунан тартып Дархан айылындагы Толукбай көчөсүнөн башталды.

***Турусбек ата, айылдын аксакалы: "Биздин айылда жакшы иш башталды. Таштанды чыгаруу көйгөйү көп жылдардан бери чечилбей келе жаткан. Эми мындан ары баары башкача болот. Мен силерге ийгилик каалайм. Мындан ары айылыбыз таза болсун! Элет калкынын атынан айыл өкмөтүнө, айылдык кеңешке жана USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбооруна терең ыраазычылыгымды билдиргим келет. Эл дайыма жакшы демилгелерди колдоп турат!".***

М



# КОРРЕКЦИЯЛЫК КЛАССТАР – өзгөчө билимге муктаж балдарга камкордук

**Фатима ТОЛБАЕВА,**
“Келечек Плюс” коомдук фондунун директору

**Швейцариянын Өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгы каржылаган, HELVETAS Swiss Intercooperation Ассоциациясынын филиалы менен Өнүктүрүү саясат институтунан турган консорциум аткарган “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоору (мындан ары – ЖДКЖ Долбоору) Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз жана Бостери айылдык аймактарында коррекциялык класстарды ачууга техникалык жана финансылык колдоо көрсөттү. Конкурстун натыйжасында бул демилгени ишке ашыруу боюнча “Келечек Плюс” коомдук фонду ЖДКЖ Долбоорунун өнөктөшү болуп табылды.**

Мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар жана балдар кайсы жерде жашаганына карабастан социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаж. Кыргызстандын айылдык аймактарында муктаждарга социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүү системасы болбогондуктан, мамлекеттик органдар дайыма эле аларды зарыл болгон кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздай алышпайт. Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча айрым демилгелер гана аймактарда ишке ашырылып келет. Бул негизинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар менен үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча долбоорлорду аткарган эл аралык донорлор менен жергиликтүү коомдук уюмдардын колдоосу жана катышуусу менен ишке ашууда.

2017-жылдын 1-мартынан тартып “Келечек Плюс” коомдук фонду ЖДКЖ Долбоорунун тапшырыгы боюнча мектептердин базасында эки коррекциялык класстардын ачылышына даярдана баштады. Класстар Ысык-Көл облусунун Бостери айылындагы Мамытов атындагы мектепте жана Жети-Өгүз айылындагы Д.Иманов атындагы мектепте ачылмай болду. Чүй облусунун чегинде алгачкы коррекциялык класстар 1-сентябрда – Билим күнүндө ачылышы керек. Жалпысынан Кыргызстанда мындай төрт класс бар жана алардын баары Бишкек шаарында жайгашкан.

СССР жоюлгандан кийин көптөгөн мектеп-интернаттар, атайын мектептер жана коррекциялык класстар жабылган. Мунун себептери көп: бир жерде каржылоо жетишпесе, экинчи жерде мекеме кайра уюшулган же жөн гана мамлекеттин колу өзгөчө билимге муктаж балдарга (ӨБМ) жетпей калган.

Анткен менен өзгөчө билимге муктаж балдар төрөлбөй калган жери жок, атүгүл алардын саны көбөйгөн тенденция да байкалууда. Ушул тапта Кыргыз Республикасында майыптуулугу бар 29 000 бала жашайт.

## 29 миң ДМЧ бала: алар кантип күн көрүүдө?

Жалпысынан Кыргызстандын аймагында өнүгүүсүндө көйгөйлөрү бар балдар үчүн 13 билим берүү уюму жана төрт атайын көмөкчү мектеп бар. 2500гө жакын бала бул мекемелерде билим алышат. Балдардын аз гана бөлүгү жеке реабилитациялык же күндүзгү борборлорго барат, андан да азы жалпы билим берүүчү мектептерде окуйт. Майыптуулугу бар 20 000ден ашуун бала эмне менен алектенет? Алар үйлөрүндө камалып отурат, интернаттарда жашашат, жалданып иштешет. Тилекке каршы, бул маселе боюнча так маалыматтар жок.

Үйүндө отурган балдардын көбүндө социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгү жок, атүгүл күнүмдүк турмушундагы кадыресе көндүмдөргө да ээ эмес; алар жөн гана өлбөстүн күнүн көрүп жашашат.

## “ӨБМ балдар жана алардын айылдардагы жашоосу” Долбоорунун алкагындагы изилдөөлөр

ЖДКЖ Долбоорунун принциптери кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоодо жергиликтүү жамааттын милдеттүү түрдө катышуусун камтыйт. Бостери жана Жалал-Абад айылдарында ата-энелер менен өткөрүлгөн фокус топтордун натыйжасында Ысык-Көл жана Жети-Өгүз райондорунда коррекциялык класстардын жана башка билим берүүчү мекемелердин жоктугунан улам ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар билим албай келатканы аныкталды. Ушул себептен улам ӨБМ балдар коомго адаптацияланган эмес. Ал эми ата-энелер ишке чыга алышпайт, алар үйдө отуруп, балдарын багууга муктаж. Ошондой эле айрым ата-энелер майыптуулугу бар баланы тарбиялап жатканын моюнга алууга даяр эместигин айтышкан. Мунун себептеринин бири – диний ынанымдар, ага ылайык, үй-бүлөдө өзгөчө баланын төрөлүшүн “күнөөлөр үчүн жаза” катары кабыл алышат. Балдарга жана үй-бүлөлөргө орто кылымдагыдай мамиле ата-энелердин маалыматы жоктугунан, сабатсыздыгынан улам болуп, ДМЧ балдардын муктаждыгы менен алектенген уюмдардын жеринде иш алып барбаганынан улам күч алды.

## Кайраты качкан ата-энелер

Майыптуулугу бар балдардын ата-энелери ЖДКЖ Долбоору менен кызматташуу башталганга чейин маалыматы жок, пассивдүү болчу. Алар ӨБМ балдары жашоодо ордун таппай калабы деп стресс абалында болуп, депрессияда жашашчу (көпчүлүк ата-энелер семинарда ыйлап отурушкан). Майыптуулугу бар балдарды үйдө багуу жана өнүктүрүү көндүмдөрүн үйрөткөн семинарлардан кийин жана энелерди активдештирүү боюнча жолугушуулардан соң ата-энелердин психологиялык абалы оң жаңына өзгөрө баштады. Алар өздөрүнүн жана балдарынын укуктары тууралуу көбүрөөк билип, жалгыз болбогонун, алардын жанында башка ушундай эле үй-бүлөлөр бар экенин, эң негизгиси – эми алардын ӨБМ балдары коррекциялык класстарда окуй турганын баамдашты. Мындан ары аларда өз облусунун чегинде билим берүү мекемелерин издөөгө же Бишкекке барууга муктаждык болбойт.

Ата-энелер дайыма мамлекеттен колдоо күтүшөт. Көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө майыптуулугу бар баланы үйүндө баккан жана жумушка чыгууга мүмкүнчүлүгү болбогондуктан өзүн иште көрсөтө албаган энелерге баласын бакканы үчүн маяна төлөнөт. Биздин энелерге да ушундай колдоо керек. Моралдык, физикалык жана материалдык муктаждык ӨБМ балдары бар 99% ата-энеде байкалат.



## Мектеп жана мугалимдер

Майыптуулугу бар балдарды окутуу тууралуу өтүнүчкө мугалимдердин жана мектеп администрациясынын биринчи реакциясы – бул коркуу сезими. Мындай балдардын өзгөчөлүктөрүн, ӨБМ балдар менен иштөөнүн усулдарын жана ыкмасын билбегендиктен улам пайда болгон коркуу сезими алар менен иштөө мүмкүн эмес деген жалган мифтерди пайда кылууда.

Мугалимдердин ӨБМ балдар менен иштөө боюнча билими жок. Ар бир мугалим өз предмети тууралуу билимге ээ. Ал эми жогорку окуу жайларда "Өзгөчө билимге муктаж балдарды окутуу" деп аталган предмет окутулбайт. Майыптуулугу бар балдар менен иштөөгө атайын педагогдорду жана кууш адистерди – логопед, психолог, сурдологдорду гана үйрөтүшөт. Бирок практика көрсөткөндөй, мындай адистер чоң шаарларда гана иш издешет, ал эми элеттик мектептерге иштегени барышпайт.

Жолугушуунун жүрүшүндө мугалимдер жана мектеп администрациялары коррекциялык класстарга оор диагнозу бар балдарды албоону өтүнүштү. Мындай өтүнүчтү түшүнсө болот, анткени бир класска бир мугалим, ал эми коррекциялык класстарга оор диагноз коюлган балдар барышат. Эгерде алардын арасында диагнозу оор балдар болсо, анда мында эки вариант болушу мүмкүн:

1-вариант – оор диагнозу бар балага жалпы класска караганда көбүрөөк көңүл буруш керек, мунун айынан класстын өнүгүү динамикасы аксайт;

2-вариант – оор диагнозу бар бала окуунун аягына чейин жөн гана отуруп берет жана окуу процессине катышпайт. Баланын өнүгүүсүндө динамика болбойт. Экинчи варианттын ыктымалдуулугу азыраак, себеби мындай балдар адатта бир жерде тынч эле отура беришпейт.

Жогоруда айтылгандардан улам коррекциялык класстардын мугалимдерине жардамчы же мугалимдин ассистенти керек экени түшүнүктүү болду. Ар бир баланы окуу процессине кошуу педагогдун өзгөчө көңүл буруусун талап кылат. Ал эми ӨБМ балдар гана окуган класста мугалим эки эсе көңүл бурушу керек.

Ошентсе да мектеп жалпысынан өзгөчө балдарды кабыл алууга даяр. Өзгөчө окуучулар буга ынтызар. Бирок ата-энелердин реакциясы – бул башка маселе. Айрым ата-энелер майыптуулугу бар балдардын диагнозу жугуштуу, кооптуу жана башка балдар үчүн коркунучтуу деп ойлошот. Жаңжалдарды болтурбоо максатында майыптуулугу бар балдарды активдештирүү зарыл, ата-энелер балдарына байланыштуу кырдаалды жеткиликтүү тил менен, ызы-чуусуз түшүндүрүп бергенди билиши керек. Ошондой эле республикалык жана жергиликтүү ММК, ӨБМ балдар жана алардын үй-бүлөлөрү тууралуу даректүү жана көркөм тасмалар аркылуу коомчулукка өзгөчө балдардын жашоосу жөнүндө маалымат жеткирүү зарыл. Түшүнбөстүктү жана коркуу сезимин жоготуу үчүн адамдар маалыматка ээ болушу керек.



## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары майыптуулугу бар балдар өскөн үй-бүлөлөр менен жеринде иштөөгө даяр

Бирок бул багытты колдоп берүүгө жергиликтүү бюджетте берене да, каражат да каралбагандыктан, алардын колдору байлануу. ӨБМ балдарга (ДМЧ балдар) жана үй-бүлөлөргө кам көрүү милдети мыйзам менен мамлекетке жүктөлгөн. Буга ылайык, эгерде ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттин эсебинен бүгүн бир нерсе жасаса, эртең Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында бул үчүн жазага тартылышы ыктымал.

Тиешелүү нускамалардын, ведомстволор ортосунда бөлүштүрүлгөн милдеттенмелердин жана жоопкерчиликтин жоктугу да бир топ көйгөйдү жаратууда. Ар бир ведомство майыптуулугу бар баланын кайсы бир бөлүгү үчүн гана жоопту: колдору Социалдык өнүгүү министрлигине, буттары Саламаттык сактоо министрлигине, башы Билим берүү министрлигине, тулку бою ата-энесине "тиешелүү". Ар бир ведомство бир эле адамга тиешелүү өз ишин аткарат, бирок жалпы картинаны бирдей көрүү, өз ара аракеттенүү жоктой. Натыйжада бала гана азап чегүүдө, ага тиешелүү болгон кызмат көрсөтүүгө жетпей келет. Анткени социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн толук пакетин алуу үчүн анын апасы жүз инстанциядан өтүп чыгышы керек.

## Жүз инстанция?

Күнүмдүк жашоосуна акча таап, үйдү кармап, тамак жасап, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө кам көрүп, короодо иштеп, суу ташып, кир жууп, буга

кошумча майыптуулугу бар баланы багыш керек болгон энени жүз инстанция күтүп турат. Бул оор. ӨБМ балага зарыл болгон маалыматты толук билген, ата-энесин багыттап, кеп-кеңешин бере алган адистин жоктугунан улам бул өтө оор. Буга кошумча структурага салынган маалымат жана маморгандардын өз ара аракети жок.

Биз Бостери айылдык аймагынын ЖӨБ органдары менен биргелешкен инклюзивдүү иш-чара өткөрүүгө аракет жасадык. Бирок мындан майнап чыккан жок. Анткени алардын өз пландары жана элеси, ал эми биздин өз көз карашыбыз бар экен. Ар бир ЖӨБ органынын жылдык бюджетинде калктын аярлуу катмарлары үчүн иш-чараларга каражат бекитилет: аз камсыздалгандарга, майыптуулугу бар балдарга, жетимдерге, көп балалуу үй-бүлөлөргө ж.б. Эрежеге ылайык, айыл өкмөтү калктын аярлуу катмары үчүн иш-чараларды өткөрүүгө бюджетинде каражат карайт. Бирок адатта бул сумма 50 000 сомдон ашпайт. Дээрлик дайыма эле бул каражатка майыптуулугу бар балдарга жылына эки жолу – 31-декабрда жана 1-июнда белек сатып беришет. Керексиз белектерге – балмуздак, таттууга – мына ушуга бюджеттик каражат сарпталат. Албетте биз ЖӨБ кызматкерлерин деле түшүнүп турабыз, алар колунан келгенин жасап жатышат. Бирок бул акча көбүрөөк пайдалуу иш-чараларга багытталса жакшы болмок. Мисалы, жылына бир жолу ӨБМ балдардын ата-энелерин чогултуп, алар үчүн балдарды реабилитациялоо, өнүктүрүү боюнча окуу иш-чараларын өткөрүп же психолог жана логопед менен жолугушууларды уюштурса болот. Же жок дегенде эки күнгө балдар үчүн лагерди уюштурса да болот. Ошондой эле майыптуулугу бар балдарды баккан, өтө жакыр үй-бүлөлөргө мал (уй же эчки) сатып алууга социалдык насыя берсе болот. Бул аярлуу үй-бүлөлөрдө өскөн балдардын тамактануусун жакшыртуунун бирден бир жолуна айланмак. Ошондой эле мындай балдардын жашоосу жөнүндө социалдык тасма тартып, жергиликтүү жамааттын көңүлүн бул маселеге буруп, маалымат берүү үчүн тасманы жергиликтүү каналдардан көрсөтүп турса да болот.

## ЖДКЖ Долбоору эмнелерди жасады?

ЖДКЖ Долбоорунун алкагында төмөнкүдөй иш-чаралар өткөрүлдү:

- максаттуу топтордун керектөөлөрүн баалоо (ӨБМ балдар, мугалимдер жана мектеп администрациясы, ошондой эле ата-энелер);
- коррекциялык класстарды уюштуруу боюнча ата-энелер үчүн семинарлар;
- мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарды окутуу, өнүктүрүү жана үйдө багуу боюнча ата-энелер үчүн эки күндүк семинар;
- жогорку класстын окуучулары үчүн майыптуулук боюнча билим берген сабактар;
- ДМЧ балдар үчүн инклюзивдүү иш-чаралар;



- коррекциялык класстарда иштеген мугалимдер үчүн методикалык сунуштамалар иштелип чыкты;
- коррекциялык класстарды уюштуруу жана каржылоо боюнча КР Билим берүү министрлигинде "тегерек стол";
- ата-энелерди активдештирүү боюнча жолугушуулар;
- коррекциялык класстар жөнүндө жобо иштелип чыгып, учурда КР Билим берүү министрлигине бекитүүгө жиберилди.

## Алдын ала жыйынтыктар

- Мугалимдер коррекциялык класстарды уюштуруу боюнча минималдык стандарттар менен таанышып чыгышты.
- ӨБМ балдардын, ата-энелердин жана мугалимдердин керектөөлөрү изилденди.
- Коррекциялык класстардын мугалимдери жана ата-энелер өзгөчө керектөөлөрү бар балдарды өнүктүрүүнү, мындай балдардын жеке билим алуусунун планын жазганды үйрөнүштү.
- Ата-энелер өздөрүнүн жана ӨБМ балдардын укуктары жөнүндө маалымат алышты.
- Жогорку класстын окуучулары майыптуулугу бар балдарга ак ниет мамиле жасоо сабактарын өткөргөндү үйрөнүштү.
- Коррекциялык класстарда иштеген мугалимдер үчүн методикалык сунуштамалар иштелип чыкты.
- Мектеп администрациясы жана мугалимдер коррекциялык класстарга балдарды кабыл алууга даяр жана бул иштер башталды. Сентябрга чейин коррекциялык класстар үчүн жабдууларды сатып алуу пландалып жатат: парталарды, акыл-эсти өнүктүрүүчү оюнчуктарды, китептерди, спорттук шаймандарды, эмеректерди жана кеңсе буюмдарын.

Коррекциялык класстар ӨБМ балдарга коомго адаптацияланууга жардам берет деп ишенебиз. Анткени мектеп базалык көндүмдөргө, билимге жана жөндөмдүүлүктөргө үйрөтөт. Ал эми буларсыз өзгөчө билимге муктаж балдардын мындан аркы окуусу жана өнүгүүсү мүмкүн болбойт. M



# Улахолдо Швейцариянын колдоосу менен маданий борбордун расмий ачылыш аземи өттү

**Махабат МУРЗАКАНОВА,**
ЖДКЖ Долбоорунун адиси, ХЕЛВЕТАС





2017-жылдын 18-июлунда Улахол айылдык аймагынын Оттук айылынын жана ага жакын жайгашкан Кара-Шаар айылынын 3500дөн ашуун тургуну үчүн маданий борбордун расмий ачылыш аземи өттү. Жалпы суммасы 5 миллион сомдун тегерегинде Швейцариянын Өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгынын финансылык колдоосунун жана айылдык аймактын өз салымынын эсебинен маданий борбордун бош убакытты өткөрүү жана маданий кызмат көрсөтүүлөрү жакшырды. Салтанаттуу аземге аймактын жашоочулары, айыл өкмөттүн жана жергиликтүү кеңештин өкүлдөрү, Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги, ошондой эле Долбоорду ишке ашырган HELVETAS Swiss Intercooperation жана Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлдөрү катышты.

Улахол айылдык аймагы кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча мыкты Аракеттер планына жарыяланган конкурста утуп алган. Бул конкурс "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорунун алкагында өткөрүлдү. Ал эми Долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгы каржылайт жана HELVETAS Swiss Intercooperation Ассоциациясынын филиалы менен Өнүктүрүү саясат институтунан турган консорциум аткарат. Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер планы – бул системалык усул. Ал мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн артыкчылыгын аныктоого, ошондой эле аларды уюштуруу жана аткаруу иштерин пландап, жакшыртууга жол ачат. Бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү аймактын жашоочулары артыкчылыктуу катары фокус топтордогу талкуулар маалында жана жалпы чогулуштарда тандап алышкан. Жашоочулар жыл бою жаштарды пайдалуу иштерге тарткысы келет. Бул үчүн тиешелүү шарттар зарыл болчу. Ошондуктан эски клубдун имаратын оңдоп-түзөп, ал жерде жаштар үчүн бош убакытты өткөрүү үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу зарыл эле. Биринчи кезекте жылуулук системасын оңдоо талап кылынган. Бул болсо ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды кошкондо бардык жашоочулардын катышуусу менен кызыктуу кечелерди өткөрүүгө шарт түзмөк. Ошондуктан майыптар үчүн пандустар курулду.

Маданий борбор бий, тил курстары жана башка билим берүүчү иш-чаралар өңдүү бош убакытты өткөрүү жана маданият чөйрөсүндөгү кызматтарды көрсөтөт. Ал ошондой эле өзүнө балдар үчүн оюн аянтчасын жана WI-FI зонасын камтыйт.

"Ушул күндөн баштап Оттук жана Кара-Шаар айылдарынын жашоочулары маданий чөйрөдө сапаттуу жана жетимдүү кызмат көрсөтүүлөрдү ала алышат. Борбордо мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Алар эми айылдын маданий турмушуна жигердүү катыша алышат. Буга чейин айылда алар үчүн эч нерсе жок болчу, – деп белгиледи Улахол айыл өкмөтүнүн башчысы Акылбек МАМАТКЕРИМОВ. – Мурда кыз-жигиттер кечки убакытты кантип өткөрөрүн билбей, убара болчу. Айрымдары футбол ойносо, калгандары үйүндө отурчу. Эми болсо алар жолугушуп, баарлашып, дараметтерин өнүктүрө ала турган жер бар".

Улахол айылдык аймагына ЖДКЖ Долбоору жергиликтүү артыкчылыктарды эсепке алуу менен бош убакытты өткөрүү жана маданият чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүнүн узак мөөнөттүү планын түзүү боюнча кошумча консультациялык жардам берүүдө.

"Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу үзгүлтүксүз процесс экенин унутпаш керек. Бул жерде сөз жаңы жабдууну сатып алуу же инфраструктура объекттеринин ремонту жөнүндө гана жүргөн жок. Биринчи кезекте муниципалитеттин бардык жашоочуларына жеткиликтүү болгон сапаттуу кызматтарды көрсөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан талаптагыдай башкаруу жөнүндө сөз жүрүүдө. Бул кызмат көрсөтүүлөр туруктуу негизде жеткирилет", – деп айтты Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы элчиси Ренэ ХОЛЕНШТАЙН.

"Маданиятты өнүктүрүү боюнча көпчүлүк долбоорлор шаарларда ишке ашырылып келет. Ал эми элет жергесинде мындай долбоорлор аз, бирок алар жаштарды өнүктүрүү үчүн өтө зарыл болуп жатпайбы", – деп белгиледи Тоң районунун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы Таалайбек АЖИЕВ.

Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин өкүлү Казбек КОКУМОВ буларды айтты: "Жаштар гана эмес, кары-картаңдар да ыңгайлуу жерде орун алган бул борбордун кызмат көрсөтүүлөрүн колдонуу менен айылдын маданиятынын өнүгүүсүнө жигердүү катышып, тажрыйбасы менен

бөлүшүп, жаштарга билимин жана көндүмдөрүн өткөрүп беришсин".

"Биз Швейцария Элчилиги колдоого алган долбоорлор менен кызматташтыкты 2012-жылы баштаганбыз. Долбоорлордун жүрүшүндө мен жергиликтүү бюджетти түзүүгө жана бөлүштүрүүгө, жарандарды бюджеттик процесске тартууга үйрөндүм. Бул билимдердин жана көндүмдөрдүн жардамы менен депутат болуп, жергиликтүү кеңештин төрагасы болуп шайландым", – деп белгиледи Улахол айылдык аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасы Тынчтык АШИМОВ.





Долбоордун бет ачарынын алкагында тасма көрсөтүлүп, анда бул Долбоорду тандап алуу себептери саналып өттү: жаштардын, мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын жана пенсия курагындагы тургундардын пайдалуу курстар менен алектенип, бош убактысын пайдалуу өткөрүүсү; кумар оюндарына кызыгууну азайтуу жана аракечтикти тыюу, бул болсо жаш үй-бүлөлөр арасында ажырашуулардын санын кыскартат; түрдүү курактагы жашоочулардын социалдашуусу; спорт менен алектенүүгө дем берүү; таланттарды өстүрүү, адабиятка жеткиликтүүлүк ж.б. Ошондой эле тасма борбордун капиталдык ремонтко чейинки жана андан кийинки абалын даана көрсөтүп, Долбоордун өзү жөнүндө кыска маалымат берди. Иш-чаранын этегинде маданий борбордун окуучулары жана мугалимдери даярдаган мыкты концерт өттү. Ал эми соңунда майрамдын уюштуруучуларына жана маданий борбордун реновациясына жигердүү катышкан конокторго ыраазычылык каттары тапшырылды.

Бул түрмөк Өнүктүрүү саясат институтунун дарегине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан түшкөн суроолордун негизинде даярдалды.

Муниципалитеттердин суроолоруна жоопторду
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун юристтери
**Бектурган ОРОЗБАЕВ**
жана **Нуржан МАМЫРАЛИЕВА** даярдашты

# Юридикалык консультация

## Окуучулардын ишембиликтерге катышуусу жана балдар эмгегинин мыйзамдуулугу жөнүндө

**Окуучуларды айылдагы ишембиликтерге тартышууда, ата-энелер наа-разы. ЖӨБ органдары уюштурган ишембиликтерге окуучуларды тартуу канчалык мыйзамдуу?**

Мыйзамдар балдарды ишембиликтерге же башка бир иштерге тартууга тыюу салат. Балдар жөнүндө кодекстин 15-беренеси мындай чектөөнү деталдуу түрдө регламенттештирет. Баланын ден соолугуна коркунуч туудурган же анын билим алуусуна тоскоол болуучу же болбосо анын ден соолугуна, дене-тарбиялык, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүшүнө зыян келтирген кандай болбосун жумуштарга баланы кабыл алууга же аткаруу үчүн тартууга тыюу салынат.

Балдардын эмгегин анын эң начар көрүнүштөрүнүн формаларында эксплуатациялоого, ошондой эле менчигинин формасына карабастан, ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, анын ичинде кооперативдерде, дыйканчылык жана фермердик чарбаларда кандай формадагы болбосун, балдардын мажбурлаган эмгегине тыюу салынат. Эмгек шарты зыяндуу же опурталдуу иштерде, жер астындагы иштерде, түнкү убактарда, ошондой эле аткаруу балдардын ден соолугуна жана адептик өсүшүнө зыян келтирүүсү мүмкүн болгон иштерде (оюн-зоок бизнесинде, көңүл ачуучу мекемелердеги түнкү жумуштарда, спирт ичимдиктерин, тамеки буюмдарын, баңгизаттарды жана уулуу дары-дармектерди ж.у.с. өндүрүүдө, ташып жеткирүүдө жана сатууда) балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.

Балдардын алар үчүн белгиленген нормадан ашык оор нерселерди көтөрүүлөрүнө, ташууларына жана жылдырууларына тыюу салынат.

Балдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган жумуштардын тизмеги, ошондой эле оор нерселерди көтөрүүнүн нормаларынын чеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте бекитилет. КР Билим берүү министрлиги жыл сайын бекиткен Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планына ылайык эмгек практикасынын алкагында гана балдар эмгегине уруксат берилет. Балдар эмгегинин калган башка түрлөрү мыйзамсыз болуп эсептелет жана териштирүүлөр менен жазага тартуунун предметине айланышы мүмкүн.

## Спирт ичимдиктерин сатуу убактысын чектөө жөнүндө

**Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү дүкөндөрдө спирт ичимдиктерин сатуу убактысына чектөө киргизе алабы (мисалы, кечки саат 9дан кийин спирт ичимдиктерин сатууга тыюу сала алабы)?**

КР мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү кеңеш алкоголдук продукцияны сатууга кошумча чектөөлөрдү киргизүүгө укуктуу. Мындай ыйгарым укук жергиликтүү кеңештерге “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн 15-пунктунда, ошондой эле “Этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө” КР Мыйзамынын 13-беренесинин 3-бөлүгүндө берилген.

Ошону менен бирге алкоголдук продукцияны сатуу бөлүгүндө жергиликтүү кеңеш киргизген

чектөөлөр мыйзамдарга шайкеш келип, жарандардын кайрылууларын канааттандырууга багытталып, ошондой эле ишкерлердин тартиптерди жана мыйзам бузууларын четтетүү максатын көздөшү керек. Көпчүлүк учурларда иш жүзүндө жергиликтүү кеңеш жарандардын кайрылууларынын жана даттанууларынын негизинде спирт ичимдиктерин колдонуп, коомдук тартипти бузган адамдарга байланыштуу, алкоголдук продукцияны мыйзамсыз сатууга (лицензиясы жок) тыюу салууга аракет жасап келет. Эгерде ишкерлер тиешелүү лицензия алып, "Этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" КР Мыйзамынын 13-беренесинин 2-бөлүгүндө жана 14-беренеде көрсөтүлгөн талаптарды бузбаса, анда жергиликтүү кеңеш айылдын же айылдык аймактын чегинде спирт ичимдиктерин сатууга толугу менен тыюу салууга укугу жок.

2011-жылдын 15-июлундагы №101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 31-беренесинде "шаардык жана айылдык кеңештер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде алар боюнча маселелерди кароого жана чечим кабыл алууга укуктуу" болгону айтылат. Шаардык, айылдык, райондук кеңештин сессиясында алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуунун, ырым-жырымдарды өткөрүүгө тыюу салганга чейинки чектөөлөрүн аныктоо маселелери чечилиши мүмкүн (15-пункт).

2009-жылдын 13-октябрындагы №269 "Этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" КР Мыйзамынын 13-беренеси алкоголдук продукцияны дүңүнөн жана чекене сатуунун тартибин аныктайт.

1. Алкоголдук продукцияны дүң жана чекене сатууну уюштуруу-укуктук формасына карабастан юридикалык жактар жүзөгө ашырат. Жеке ишкерлер алкоголдук продукцияны чекене сатууну жүзөгө ашырышат. Алкоголдук продукцияны сатуу иштин лицензиялануучу түрү болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн аракка минималдуу дүң-сатуу жана чекене бааны Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

Алкоголдук продукцияны төмөнкүдөй жагдайларда сатууга жол берилбейт:

- балдар, билим берүү уюмдарында жана аларга жакын аймактарда, ошондой эле тикеден-тике медициналык мекемелердин аймактарында;
- шаардык жана шаардын жанындагы каттамдагы коомдук транспорттун бардык түрлөрүндө (жалпы колдонуудагы транспортто);
- маданий уюмдарда (аларда жайгашкан уюмдарды же коомдук тамактануу жайларын, анын ичинде юридикалык жак болуп түзүлбөгөнүн кошпогондо), дене тарбиялыктен соолукту чыңдоочу жана спорттук жайларда;
- 18 жашка чыга элек адамдарга;
- 18 жашка чыга элек адамдардын;
- ушул Мыйзамдын 8-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарына ылайык коштоочу документтерсиз жана маркировкасыз же болбосо жасалма акциздик марка менен;
- массалык иш-чаралар өтүүчү жерлерде, аскердик бөлүктөрдүн аймагында, аскердик соода объекттерин кошпогондо, ошондой эле чатырларда, контейнерлерде, колдо, лоторлордо, автомашиналарда, бул продукцияны сатуу үчүн ылайыкташтырылбаган башка жерлерде.

Ушул берененин 3-пунктунда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алкоголдук продукцияны сатууга кошумча чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу болгону белгиленген.

## Аскерге чакырылуучулардын иш сапар чыгымдары жөнүндө

**Айыл өкмөтү аскерге чакырылуучулардын иш сапар чыгымдарын жергиликтүү бюджеттен төлөп берүүгө укуктуубу?**

ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттен аскерге чакырылуучулардын иш сапар чыгымдарын төлөөгө укугу жок. Мыйзамдар жергиликтүү бюджеттеги каражаттан жеке жактардын (аскерге чакырылуучулардын) иш сапар чыгымдарын каржылоого (айлык акы, иш сапар жана башка чыгымдар) тыюу салат. „Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" КР Мыйзамынын 14-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын аскердик каттоо боюнча милдетине төмөнкүлөр кирет:

- аскерге чакырылуучуларды жана аскерге милдеттүүлөрдү аларды райондук (шаардык) аскер комиссариаттарга чакырылып жаткандыгы жөнүндө кабарлоого жана алардын өз убагында барышын камсыз кылууга милдеттүү.
- аскердик-каттоо документтеринде райондук аскердик комиссариаттарынын аскердик каттоого алынганы (аскердик каттоодон чыкканы) жөнүндө белгиси бар болгондо аскер кызматчыларын, аскерге милдеттүүлөрдү жана аскерге чакырылуучуларды жашаган жери боюнча каттоого алууга (каттоодон чыгарууга);
- тиешелүү райондук (шаардык) аскер комисса-

риаттарына аскерге милдеттүүлөрдүн, аскерге чакырылгандардын жана аскерге чейинки чакырылуучулардын сандык жана сапаттык курамы жөнүндө маалыматтарды берүүгө;

- аскерге чакырылуучуларды аскердик каттоого алууга, жарандарды аскердик кызматка жана аскердик жыйындарга чакырууну жүргүзүүгө жардам көрсөтүүгө;
- жарандардын аскердик каттоо эрежесин сактоосу үчүн контролду жүзөгө ашырууга.

## Жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен мектепте электрикти кармоо жөнүндө

**Орто мектепте электриктин кызматы кыскарды. Ал билим берүүнүн райондук бөлүмүнүн эсебинен айлык алып иштечү. Жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен электрикти мектепте иштетүүнү сунушташты. Эгерде буга уруксат болсо, анда муну кантип ишке ашырса болот?**

Айыл өкмөтүнүн штаттык санынын толук тизмеги КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген. Бул токтомдо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына атайын каражаттардын же башка каржылоо булактарынын эсебинен кармоо үчүн штатка кызматкерлерди алууну токтото туруу сунушталган.

Атүгүл КР Өкмөтүнүн 1995-жылдын 30-сентябрындагы №404 "Билим берүү мекемелеринин болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, Имаратты, курулмаларды жана жабдууларды тейлөө жана учурдагы оңдоо иштери боюнча кызматкердин (электрик, сантехник ж.б.) штаты билим берүү мекемесине бекитилген. Мындан улам ЖӨБ органдары орто мектеп үчүн электрикти кармай албайт жана жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен ага айлык акы төлөй албайт.

## Жеке бизнестин бааларына таасир этүү жана салыктарды төлөө жөнүндө

**Айылдык кеңеш кандай жол менен айылдагы жеке бизнестин кызмат көрсөтүүлөрүнө (айдоо, себүү, жыйноо ж.б.) болгон баага таасирин тийгизип, ошондой эле бизнести салык төлөөгө (патент сатып алууга) мажбурлай алат?**

Менчик ээсин өзүнүн мүлкүнө ээлик кылуу, пайдалануу жана башкаруу, андан пайда табуу укугуна ээ. Ал эми айыл өкмөтүнүн башчысы, ошондой эле айылдык кеңештин депутаттары агротехниканын ээлерин бир айылдык аймактын же айылдын аймагынын чегинде өз мүлкүн колдонуусун чектей алышпайт. Менчик ээси өзүнө таандык мүлккө карата мыйзамдарга каршы келбеген ар кандай аракеттерди жасоого, анын ичинде өзүнүн мүлкүн сатууга, убактылуу пайдаланууга берүүгө, мүлкүн күрөөгө коюуга жана аны башка ыкмалар менен нарктоого, мүлкүн колдонуп, экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүүгө, өз каалоосу менен кызмат көрсөтүүнүн баасын өз алдынча аныктоого укуктуу. Конституциянын жана Жарандык кодекстин ченемдери белгилегендей, Кыргыз Республикасында менчиктин ар кандай түрлөрү таанылат жана жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчик түрлөрүн тең укуктуу корголушуна кепилдик берилет. Менчик кол тийгис. Эч ким өзүм билемдик менен мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес. Менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет (КР Конституциясынын 12-беренеси).

Ошону менен бирге айылдык кеңеш айыл чарба техникасынын ээлерине экономикалык ишти жүргүзүүдө салык мыйзамдарынын талаптарын сактоо тууралуу маселени коё алат, бирок кызмат көрсөтүүнүн көлөмүн белгилей алышпайт. Бирок жергиликтүү кеңештин сессиясында АӨ башчысына же салык кызматынын органдарына тийиштүү чечимдерди кабыл алуу жана аталган адамдардын салык төлөөсүн камсыздоо боюнча тийиштүү чараларды көрүү тууралуу тапшырма берсе болот. Болбосо ЖӨБ органдары жана салык кызматтары экономикалык ишмердүүлүк (ишкерчилик) жүргүзгөн айыл чарба техникасынын ээлерине карата КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстин 346, 351-1, 352 жана 353-беренелерине ылайык административдик жоопкерчилик чаралары (айып санкциялары) колдонулса болот (346-берене. Салыктан качуу жана бухгалтердик эсептерди бурмалоо; 351-1-берене. Салыктарды мыйзам менен белгиленген мөөнөттө төлөбөө; 352-берене. Салыктын суммасын азайтуу; 353-берене. Салыктык каттоодон өтпөстөн экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүү).

## Салыктар боюнча адистин банк чыгымдарынын ордун толуктоо жөнүндө

**Жергиликтүү калктан салык жана башка төлөмдөрдү чогулткан айылдык аймактын адиси банктын кассасына акы төлөөдө банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн өз чөнтөгүнөн акча төлөп келет. Жергиликтүү кеңеш бул чыгымдын ордун толуктоо үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп берүүгө укугу барбы? Бул максатта айыл өкмөтү контролдук-кассалык аппаратты сатып алышы керекпи?**

ЖӨБ органдары банктын бөлүмү же төлөм терминалдары болбогон калктуу конуштарда салык жыйноо боюнча өз ыйгарым укуктарын №04 форманын квитанциясы аркылуу ишке ашырышат. №04 форманын квитанциясы банк кызмат көрсөтүүсүн төлөө үчүн салык төлөөчүдөн каражат алуу мүмкүнчүлүгүн караштырган эмес. Бул акчаны кошумча ведомость аркылуу жергиликтүү бюджеттин кирешелерине чагылдырбастан кабыл алуу боюнча учурдагы практика ченемдер менен бекитилген эмес, финансылык тартипти бузууда жана текшерүүчү органдар тарабынан санкциялар колдонулушу мүмкүн. Ошондуктан жергиликтүү кеңеш, анын ичинде айыл өкмөтү жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен банктын кызмат көрсөтүүлөрүн төлөө боюнча салык төлөөчүлөрдүн чыгашаларын жабууга укугу жок. Биздин баамыбызда, бул маселе КР Өкмөтү тарабынан чукул арада каралып, мыйзамдардагы бул боштукту жөнгө салуу зарыл.

КР Салык кодексинин 109-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында соода операцияларында эл менен жүргүзүлүүчү акчалай эсептешүүлөр же накталай акча, банктык төлөм карточкалары, чектер аркылуу кызматтарды көрсөтүү фискалдык эске тутуусу бар контролдук-кассалык машиналарды милдеттүү колдонуу жана контролдук чек берүү менен жүргүзүлөт. Буга ылайык, салык алуу айыл өкмөтүнүн кызмат көрсөтүүсү болуп эсептелбегендиктен айыл өкмөтүндө контролдук-кассалык машиналарды сатып алуу зарылчылыгы жок.

## Мечиттерди жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен күтүү жөнүндө

**Айыл өкмөтү эмненин негизинде баланска, муниципалдык менчикке мечитти ала алат?**

АА жашоочулары мечиттерди күтүү (күнүмдүк ремонтун жасоо, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө) тууралуу маселени көтөрүп келишүүдө. Ал эми депутаттардын бири башка айыл өкмөтү мечиттерди күтүп жатканын, жергиликтүү бюджеттин эсебинен мечиттердин коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрү жана күнүмдүк ремонту үчүн акы төлөө тууралуу КР Өкмөтүнүн токтому да бар болгонун маалымдады.



Айыл өкмөтү мечиттерди муниципалдык менчикке кабыл алууга, ошондой эле диний уюмдардын же жеке жактардын менчигинде турган мечиттердин имаратын күтүүгө укугу жок. Эгерде муниципалдык менчикте турган имарат диний жөрөлгөлөрдү жүргүзүү үчүн диний уюмдарга ижарага берилсе, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана күнүмдүк ремонтун төлөө маселеси ижарага берүү тууралуу келишимде каралышы керек.

Мыйзамдарда белгиленген тартипте мечиттердин имараты муниципалдык менчикке өткөн учурда айыл өкмөтү мындай имаратты мечит катары жана башка диний максаттарда колдоно албайт. Себеби дин мамлекеттен ажыратылган. Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат.

# Жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен калкка материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калкка материалдык жардам көрсөтө алышабы? ЖӨБ органдары айылдык аймактын активисттерин материалдык жактан шыктандыра алабы?**

Бул маселелерди өз-өзүнчө караш керек. Ошону менен катар калктын социалдык жактан аярлуу катмарларына материалдык жардам берүү маселесин (социалдык жактан коргоо) айылдык аймактын активисттерин материалдык жактан шыктандыруу маселесинен бөлүш керек. Анткени "социалдык жактан коргоо" маселелери боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгашалары жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларынын муктаждыктарын канааттандырууга жана тең мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө багытталышы керек.

Белгилей кетүүчү жагдай, тилекке каршы, "социалдык жактан коргоо" терминининин укуктук толук аныктамасы мыйзамдарда белгиленген эмес. Болгону КР Конституциясынын 9-беренесинде гана жалпы түшүнүк берилген. Бирок теориядан жана өлкөнүн жалпы мыйзамдарынан улам "социалдык жактан коргоо" түшүнүгүн кеңири кароо керек. Бул – адамдын турмушун жана жашоо тиричилигин колдоо, жашоо үчүн кепилденген минималдуу жетиштүү шарттарды камсыздоо боюнча мамлекеттик жана коомдук уюмдар жүзөгө ашырган иш-чаралардын системасы, ал мамлекеттин бир катар мыйзамдык актылары менен жөнгө салынат. Социалдык коргоонун үч негизги формасы бар: социалдык камсыздоо, социалдык камсыздандыруу жана социалдык жардам. Социалдык жактан коргоо төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: жеткиликтүү саламаттык сактоо, жеңилдиктер, жеткиликтүү билим берүү, пенсиялык камсыздоо, социалдык тейлөө системасы жана социалдык кызматтарды көрсөтүү, социалдык колдоо чаралары.

Бул тизмеде, албетте, социалдык жактан коргогого муктаж адамдар да бар (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, эмгек ардагерлери, оруктун эмгекчилери, согуш ардагерлеринин жесирлери, ооганчылар, Чернобыль кырсыгынын кесепеттерин жоюуга катышкандар, концлагерлердин туткундары, баатыр энелер, майып балдар, улгайган адамдар, жетимдер, жарым-жартылай жетимдер), ошондой эле материалдык шыктандырууга татыктуу болгон, бирок социалдык жактан корголбогон жарандардын категориясына кирбеген адамдар да бар (активист аялдар, эмгек сиңирген педагогдор, пенсионерлер, айылдык аймактын активисттери).

Жалпысынан социалдык жактан коргоого муктаж жарандарга карата ушул тапта КР мыйзамдары менен мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бир катар милдеттенмелер жүктөлгөн.

Социалдык коргоо маселелери КР Конституциясынын 9-беренесинде чагылдырылган. Анда төмөнкүдөй деп айтылат: "Кыргыз Республикасы татыктуу жашоо-турмуш шартын түзүүгө жана инсанды эркин өстүрүүгө, жумушка орноштурууга көмөк көрсөтүүгө багытталган социалдык программаларды иштеп чыгат. Социалдык жактан корголбогон жарандардын категорияларына колдоо көрсөтүүнү, эмгек акынын кепилдик берилген минималдуу өлчөмүн, эмгекти жана саламаттыкты коргоону камсыз кылат. Социалдык кызматтардын, медициналык тейлөөнүн системасын өнүктүрөт, мамлекеттик пенсияларды, жөлөкпулдарды, социалдык коргоонун дагы башка кепилдиктерин белгилейт".

Өз кезегинде ЖӨБ органдары да жогоруда айтылган конституциялык ченемге жана Конституциянын 112-беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык коргоонун программаларын иштеп чыгат, бекитет жана ишке ашырат.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 18-беренеси социалдык жактан коргоону жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинде өзүнчө сап кылып көрсөткөн эмес. Бирок Мыйзамдын 18-беренесинин 2-бөлүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууну чектебейт. Ошондуктан КР Бюджеттик кодексинин 51-беренеси социалдык жактан коргоо маселелерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерден өзүнчө чыгаша милдеттенмелери катары карайт.

Бюджеттик кодекстин 51-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына келе турган болсок, мындай учурда "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренесинин 6-бөлүгүнүн 16-17-пункттарында көрсөтүлгөн маселелерди эске алуу керек: даректүү социалдык коргоону уюштуруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү иликтеп билүү; Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте айыл жерлериндеги балдары бар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ар ай сайын берилүүчү жөлөкпулга үй-бүлөнүн муктаждык даражасын баштапкы аныктоо.

Аталган маселелер Мыйзамдын 20-беренесинде бир эле убакытта республикалык бюджеттен каржылоо менен мыйзамдын же келишимдин (КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги) негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмегине кошулган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде бир нерсени белгилегибиз келип турат: жергиликтүү өз алдынча

башкаруу органдары мамлекеттик органдардын компетенциясына кирбеген, мыйзамдарда белгиленген тартипте жарандардын айрым категорияларын социалдык жактан коргоо менен алектенүүгө, ошондой эле мыйзамдардын талаптарын аткаруу үчүн жергиликтүү бюджеттен чыгашаларды жүзөгө ашырууга укуктуу (1-тиркеме). Ошону менен бирге, мыйзамдардын бузулушуна жана жергиликтүү бюджеттеги каражаттарды максатсыз колдонулушуна жол бербөө үчүн айыл өкмөтүнүн жооптуу кызматкерлерине социалдык жактан коргоо маселелери боюнча мыйзамдар жана Долбоордун эксперттери даярдаган бюджеттик классификация боюнча сунуштамалар менен таанышып чыгууну сунуштайбыз.

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирген социалдык жактан коргоо маселелери боюнча мыйзамдардан үзүндүлөр

**Социалдык жактан коргоо бөлүгүндө мыйзамдардын талаптарын ишке ашыруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү бюджеттин каражаттарын колдонууга укук берген КР мыйзамдарынын ченемдери.**

**1. “Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө” КР Мыйзамы “социалдык жактан тейлөө” түшүнүгүн белгилейт. Социалдык жактан тейлөө – жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган жарандарга социалдык-укуктук кызматтарды көрсөтүү жана материалдык жактан жардам берүү, социалдык адаптациялоо жана реабилитациялоо боюнча социалдык кызматтардын ишин билдирет.**

Андан ары Мыйзам оор турмуштук кырдаал тууралуу түшүнүк берет. Бул – жарандын жашоо турмушун объективдүү түрдө бузган, андан өз алдынча чыгууга мүмкүн болбогон кырдаал (майыптык, жашы улгайганына же оорусуна, жетимдигине, көзөмөлсүз калгандыгына, аз камсыз болгондугуна, жумушсуздугуна, белгилүү бир жашаган жеринин жоктугуна, чыр-чатактарга жана үй-бүлөдөгү катаал мамилеге, үй-бүлөлүк зомбулукка, жалгыздыкка кабылган жана башка ушул сыяктуу).

Аталган Мыйзамдын 4-беренесинде атайын уюмдар жана социалдык тейлөө мекемелери бере ала турган социалдык тейлөөнү алууга укугу бар жактар белгиленет.

Мыйзамдын 11-беренесинде жарандар алууга укугу бар социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрү саналат. Бул ченем жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү бюджеттердин мүмкүнчүлүктөрүн жана аймактагы калктын муктаждыктарын эске алуу менен кошумча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн аймактык тизмесин кабыл алууга жол берет. Ошондой эле Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен социалдык жактан акысыз тейлөө жүргүзүлө турган кошумча негиздерди белгилөөгө мүмкүнчүлүк берет (1, 4, 7, 11, 26-беренелер).

**2. Согуштун, Куралдуу күчтөрдүн ардагерлерин жана оруктагы эмгекчилерди социалдык жактан коргоо**

“Согуштун, Куралдуу күчтөрдүн ардагерлери жана оруктагы эмгекчилер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам согуштун, Куралдуу күчтөрдүн ардагерлерине жана оруктун эмгекчилерине карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын укуктук, уюштуруу, экономикалык негиздерин аныктайт, ардагерлердин коомдогу татыктуу жашоосун, активдүү ишин, сыйланышын жана кадырланышын камсыз кылуучу шарттарды түзүү максатында ардагерлердин статусун белгилейт.

Мыйзамга ылайык, согуштун ардагерлерине төмөнкүлөр кирет:

- Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары;
- согуштун майыптары (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, ооганчылар ж.б.);
- Кыргыз Республикасынын Баатырлары, Советтер Союзунун Баатырлары жана Даңк орденинин үч даражасы менен сыйлангандар;
- башка мамлекеттердин аймактарындагы согуш аракеттерине катышкандар (анын ичинде согуш аракеттеринин учурунда аскердик жыйынга чакырылган жана согуштук аракеттер жүрүп жаткан маалда Ооганстанга жиберилген аскерге милдеттүүлөр ж.б.);

- адамдардын башка категориялары (Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында оруктагы кайратман эмгеги жана аскер кызматын кынтыксыз өтөгөндүгү үчүн СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланган адамдар; Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында жумушчу колонналарга (эмгек армиясына) мыйзамсыз түрдө күч менен мобилизацияланган жана кийин акталган жарандар).

Ошондой эле Мыйзам курман болгон (дайынсыз жоголгон) аскер кызматчылардын, Улуу Ата Мекендик согушта майыптуулук алып, андан кийин көз жумган, майып деп таанылган согуштун катышуучуларынын үй-бүлөлөрүнүн статусун аныктайт.

Бул Мыйзам ардагерлердин укуктук жана социалдык кепилдиктерин камсыз кылган максаттуу мамлекеттик жана жергиликтүү программаларды иштеп чыгуу жана аткаруу; ошондой эле ардагерлерге жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө социалдык кепилдиктерди камсыздоо үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каражаттарды бөлүп берүү аркылуу ардагерлерге карата мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырат.

Мыйзамда ардагерлерге берилген социалдык кепилдиктерди жана компенсацияларды аткарууга жумшалуучу чыгымдар республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланары белгиленген. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ардагерлерге кошумча белгиленген социалдык жактан коргоо чараларын финансылоо тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ардагерлерди социалдык жактан коргоонун максаттуу программаларын иштеп чыгат, аларда эмгекке жарамсыз жалгыз бой ардагерлерге, курман болгон жана дайынсыз жоголгон аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрүнө, согуштун майыптарына өзгөчө көңүл бурулат, ошондой эле ардагерлерге берилген бардык укуктар, социалдык кепилдиктер жана артыкчылыктар ишке ашырылат.

## 3. Чернобыль кырсыгынан жабыркаган Кыргыз Республикасынын жарандарын социалдык жактан коргоо

“Чернобылдагы кыйроонун натыйжасында жапа чеккен Кыргыз Республикасынын жарандарын социалдык жактан коргоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 4-1-беренесине ылайык, Мыйзамды аткарууга байланышкан чыгымдарды каржылоо республикалык жана жергиликтүү бюджеттердеги кажаттардан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Айталы, Мыйзамдын 6-беренеси Чернобыль АЭСтеги кырсыктын кесепеттеринен улам пайда болгон оорулар менен жабыркаган адамдар, ошондой эле кырсыктын кесепетинен майыптуулук алганы далилденген адамдар үчүн жергиликтүү бюджеттен төмөнкүдөй социалдык кепилдиктерди жана компенсацияларды караштырат:

- жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен 50 пайызын тындыруу менен жеке же кооперативдик турак жай курулушуна үстөк пайызсыз ссуда алууга;
- көмөкчү же дыйкан чарбасын уюштуруу үчүн 25 эсептик көрсөткүч көлөмүндө үстөк пайызсыз ссуда алууга. Мындай ссуда берген банктардын жоготуулары жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен компенсацияланат.

Аталган Мыйзамдын 7-беренесине ылайык, Чернобылдагы кырсыктын кесепеттерин жоюуга катышкандар төмөнкүдөй социалдык кепилдиктерге жана компенсацияларга укугу бар: жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен 25 пайызын тындыруу менен жеке же кооперативдик турак жай курулушуна үстөк пайызсыз ссуда алууга.

Мындан тышкары чыгашаларды каржылоо тартиби КР Өкмөтүнүн 1994-жылдын 22-февралындагы №79 токтому менен бекитилген Чернобыль апаатынын кесепетинен жапа чеккен Кыргыз Республикасынын жарандарына социалдык кепилдиктер жана компенсациялар берүүнүн тартиби жөнүндө Жободо каралган. Ага ылайык:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген көлөмдө жана тартипте компенсацияларды төлөө республикалык бюджеттеги каражаттардын эсебинен каржыланат;
- көмөкчү же дыйкан чарба түзүү үчүн 25 эсептөө көрсөткүчүнүн көлөмүндө үстөк пайызсыз ссуда алуу жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен каржыланат.

## 4. Кыргыз Республикасында кары адамдарды социалдык жактан коргоо

“Кыргыз Республикасындагы улгайган адамдар жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык карылыгы боюнча пенсиялык куракка жеткен, 63 жана андан жогору жаштагы эркектер, 58 жана андан жогору жаштагы аялдар улгайган жарандарга кирет.

Саламаттыкты сактоо жана социалдык колдоо кызматтарынын сапатын арттыруу мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылуучу Кыргыз Республикасындагы улгайган жарандарга карата мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттары болуп саналат.

Муну менен Мыйзам улгайган жарандары колдоо боюнча аймактык жана жергиликтүү программаларды ишке ашырууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колдо болгон каражаттарынын чектеринде катышууга милдеттендирет. Ушуну менен бирге улгайган жарандарга карата программаларды ишке ашырууда мамлекеттик органдар өз ыйгарым укуктарынын чектеринде, мамле-

кеттик тапшырык аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына каржылык, уюштуруучулук, усулдук жардамдарды жана көмөктөрдү көрсөтүшөт.

Категориялык жана даректүү мамилени эске алуу менен, улгайган жарандарга мамлекет тарабынан социалдык коргоонун төмөнкү түрлөрү кепилденет:

- социалдык кепилдиктер;
- пенсиялар, социалдык жөлөкпулдар (пенсия менен камсыз болуу укугу жок болсо);
- үйүндө тейлөө;
- стационардык мекемелерде тейлөө;
- реабилитациянын бардык түрлөрү.

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары улгайган жарандарга кошумча социалдык кепилдиктерди белгилөө укугуна ээ.

Мыйзам улгайган жарандарды социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларды финансылык жактан камсыз кылуу булактарын аныктаган:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттары;
- кайрымдуулук төгүмдөр жана садагалар;
- гранттар жана демөөрчүлүк жардамдар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар. (Мыйзамдын 2, 4, 6, 8, 11, 14, 17, 21, 22, 23-беренелери).

## 5. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды социалдык жактан коргоо

“Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” КР Мыйзамы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга карата укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашырууда башка бардык жарандар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу, алардын жашоо-тиричилигиндеги чектөөлөрдү четтетүү, толук кандуу жашоо ыңгайын жүргүзүүгө, коомдун экономикалык, саясий жана маданий турмушуна жигердүү катышууга, ошондой эле өздөрүнүн жарандык милдеттерин аткаруусуна ыңгайлуу шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик саясатты.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды социалдык жактан коргоо ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын коомдун турмушуна бирдей катышуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүүгө багытталган социалдык жактан жардам берүү менен камсыз кылынат.

Мамлекет тарабынан социалдык жактан коргоонун төмөнкүдөй түрлөрүнө кепилдик берилет:

- пенсияларга, социалдык жөлөкпулдарга жана компенсацияларга;
- социалдык-тиричилик жактан тейлөөгө;
- үйүндө тейлөөгө;
- стационардык мекемелерде тейлөөгө;
- техникалык жана атайын каражаттарды берүүгө;
- реабилитациянын бардык түрлөрүнө;
- кошумча социалдык кепилдиктерге.

Ошону менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга кошумча социалдык кепилдиктерди жергиликтүү бюджеттин эсебинен белгилөөгө укук берген. (2, 14, 15, 20, 26, 28, 32, 42, 43, 45, 47, 51, 53-беренелер).

## 6. Балдарды социалдык жактан коргоо

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине ылайык, Балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча иш-чараларды каржылоо республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан жүзөгө ашырылат (6-березенин 3-б., 91-березенин 2-б.).

Ошондой эле “Кыргыз Республикасында Балдарды, Улгайган адамдарды жана Майыптарды коргоонун эл аралык күнүн жыл сайын өткөрүү жөнүндө” КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-апрелиндеги № 237 токтомунун алкагында Министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, административдик ведомстволорго, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына балдарды, улгайган адамдарды, майыптардын коргоонун эл аралык күндөрүнө карата бир айлыктарды жыл сайын өткөрүү максатында кышка отун алууда, улгайган жарандардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын турак жайын ремонттоодо материалдык жардам көрсөтүү тапшырылган.

## 7. 2010-жылдын апрель-июнунда болуп өткөн окуялардын натыйжасында курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүн жана жабыр тарткан адамдарды социалдык жактан коргоо

“2010-жылдын апрель-июнунда болуп өткөн окуялардын натыйжасында курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүн жана жабыр тарткан адамдарды социалдык коргоо жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткан адамдарга социалдык кепилдиктерди берүүгө чыгымдар республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүн жана жабыр тарткандарды социалдык коргоонун кошумча белгиленген чараларын каржылоо тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүзөгө ашырылат (7-березенин 2-б.).

### 8. Жеңилдиктердин ордуна ай сайын акчалай компенсацияларды төлөп берүү жөнүндө

КР Президентинин 2009-жылдын 13-ноябрындагы № 511 "Энергия булактарына тариф саясатынын өзгөрүшүнө байланыштуу жарандардын айрым категорияларына акчалай компенсацияларды төлөп берүү жөнүндө" Жарлыгын аткаруу үчүн, ошондой эле энергия булактарына тарифтер өзгөргөн шартта республиканын калкына даректүү социалдык колдоо системасын оптималдаштыруу максатында 7-пунктта Бишкек, Ош шаарларынын, облустук маанидеги шаарлардын мэрияларына, ошондой эле республиканын башка шаарларынын жана поселокторунун шаардык жана поселоктук өкмөттөрүнө төмөнкүлөр сунушталган:

- калктын жан башына орточо кирешеси 5 миң сомго чейинки социалдык жактан аялуу катмарларына айрыкча жаратылыш газына жана жылуулук энергияга акы төлөөдө жергиликтүү бюджеттердин эсебинен акчалай компенсацияларды же турак жайлык субсидияларды берүү жолу менен социалдык колдоо көрсөтүү;
- жеңилдиктерди берүүнүн колдонулуп жаткан системасы реформаланганына байланыштуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

## Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясы

(КР Финансы министрлигинин 2016-жылдын 2-мартындагы №32-п "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын колдонуу боюнча көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу" Буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Финансы министрлигинин 2016-жылдын 8-декабрындагы №198-Б Буйругу)

### 710-бөлүм. Социалдык камсыздоо

27211500. Калкка социалдык төлөөлөр. Баатыр энелерге, бала кезинен майыптарга, пенсиялык камсыздоосу жок майыптарга жана улгайган адамдарга социалдык жөлөкпулдар эсепке алынат:

Советтик жоокерлердин Ооганстан Республикасынан чыгарылган күнү – ооган согушунун ардагерлерине (эгерде салтанаттуу иш-чараны өткөрүү эмес, материалдык жардам көрсөтүү болсо);

Чернобыль АЭСтеги кырсыктын кесепеттерин жоюуга катышкандарга (эгерде салтанаттуу иш-чараны өткөрүү эмес, материалдык жардам көрсөтүү болсо);

Жеңиш күнү – Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине, оруктун эмгекчилерине, согуш ардагерлеринин жесирлерине, концлагердин туткундарына (эгерде салтанаттуу иш-чараны өткөрүү эмес, материалдык жардам көрсөтүү болсо);

Энелер күнү – баатыр энелерге, көп балалуу энелерге, орук эмгекчилерине жана эмгек ардагерлерине (эгерде салтанаттуу иш-чараны өткөрүү эмес, материалдык жардам көрсөтүү болсо);

Бүткүл дүйнөлүк Балдарды коргоо күнү – 18 жашка толо элек майып балдарга (эгерде салтанаттуу иш-чараны өткөрүү эмес, материалдык жардам көрсөтүү болсо);

Улгайган адамдар күнү – 70 жаштан жогору адамдар үчүн (эгерде салтанаттуу иш-чараны өткөрүү эмес, материалдык жардам көрсөтүү болсо);

Майыптар күнү – айылдык аймактын чегинде жашаган жана катталган майыптарга (эгерде салтанаттуу иш-чараны өткөрүү эмес, материалдык жардам көрсөтүү болсо);

Жаңы жыл – жетимдерге, жарым-жартылай жетимдерге, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине (эгерде салтанаттуу иш-чараны өткөрүү эмес, материалдык жардам көрсөтүү болсо).

### 708-бөлүм. Маданият, спорт, дин

22154100. Өкүлчүлүк чыгашалары. Жолугушууларды уюштурууга кеткен чыгашалар, анын ичинде презентацияларды, делегациялардын жолугушуусун, кызматкерлер жана ардагерлер үчүн майрамдык же куттуктоо жолугушууларын уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө кеткен чыгашалар.

Эл аралык 8-март күнү – айылдык аймактын активист аялдарына, эмгек сиңирген педагогдорго жана пенсионерлерге (бул материалдык жардам эмес, бул – дем берүү, ошону менен бирге милдеттүү тартипте Социалдык фондго акча чегерилип, салык төлөнүүгө тийиш).

Нооруз – айылдык аймактын активисттерине (бул материалдык жардам эмес, бул – дем берүү, ошону менен бирге милдеттүү тартипте Социалдык фондго акча чегерилип, салык төлөнүүгө тийиш).

Бардык майрамдык иш-чаралар ушул бөлүм жана ушул берене менен өткөрүлүүгө тийиш.

### Улгайган, жалгыз бой, муктаж адамдарга көмүр жана дары-дармек сатып алууга бир жолку жардам

Эгерде жардам акчалай болсо, анда 710-бөлүмдөн. Социалдык камсыздоо 27211500-беренеден. Калкка социалдык төлөп берүүлөр, баатыр энелерге, бала кезинен майыптарга, пенсиялык камсыздоосу жок майыптарга жана улгайган адамдарга социалдык жөлөкпулдар эсепке алынат.

Эгерде АӨ көмүр сатып алса, анда 710-бөлүмдөн. Социалдык камсыздоо 27211500-беренеден. Көмүр сатып алуу.

Эгерде АӨ дары-дармек алса, анда 710-бөлүмдөн. Социалдык камсыздоо 27211500-беренеден. Медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу.

M



# Кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо: процесстин маанилүү учурлары жана критерийлери

**Медет СУЛТАМБАЕВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мониторинг жана баалоо боюнча адиси, ӨСИ

2017-жылдын 14-июлунда Бишкекте айылдык аймактардын деңгээлинде мониторинг жана баалоону пландоо маселелери боюнча тренинг өттү. Тренингге Чүй облусунун 12 пилоттук муниципалитетинин өкүлдөрү, биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун (БМжБТ) мүчөлөрү жана ушул жылы Чакан гранттар программасын утуп алган беш пилоттук эмес муниципалитеттин өкүлдөрү катышты. Пилоттук эмес жамааттар алынган гранттарга мониторинг жүргүзүшү керек. Жалпысынан тренингге 40 киши катышты. Мониторинг жана баалоону пландоо, өткөрүү көндүмдөрүнө окутуу, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жана баалоонун жыйынтыктарын чыгаруу – 2016-жыл үчүн 1-2-баалоону, 2017-жыл үчүн 3-баалоону жүргүзүү тренингдин негизги максаты болду.



Мониторинг жана баалоо пландалган жыйынтыктарга жетүүдө маанилүү ролду ойнойт. Жамааттарда өтө көп сандарда түрдүү иш-чаралар өткөрүлүп турат. Мисалы, чогулуштар, жыйындар, мектептердин,

жолдордун, суу түтүк линиялардын, спорттук курулмалардын ремонту жана курулушу, таштанды чыгаруу ж.б. Мониторинг сөзсүз түрдө белгилүү бир интервал менен маалыматтарды чогултуу дегенди билдирет жана объект боюнча иш-чараларды аткаруунун жүрүшүндө өзгөрүүлөрдүн динамикасына мониторинг жүргүзүү үчүн бери дегенде эки жолу өткөрүлөт.

2016-жылы жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары боюнча бир жамаатта орточо 22 иш-чара өткөрүлгөн. Бул иш-чаралардын өткөрүлүшүнө мониторинг жүргүзүү – маалыматтарды үзгүлтүксүз чогултуп туруу зарыл. Анткени иш-чараны аткаруунун жүрүшүндө жамааттын мүчөлөрүндө жана бенефициарларда көптөгөн суроолор пайда болот. Мисалы, иш-чара өз мөөнөтүндө бүтөбү, курулуш иштери сапаттуу жасалып жатабы, маселе пайда болдубу, пландалган жыйынтыктарга жетишебизби ж.б.

Пайда болгон суроолорго жооп берүү үчүн иш-чаранын аткарылышы тууралуу маалыматтарды үзгүлтүксүз чогултуп турууну пландап алуу зарыл. Бул үчүн төмөнкүдөй суроолорго жооп бериш керек: ким, канча жолу жана кайсы иш-чаралар тууралуу маалыматтарды туруктуу чогултуп турат? Мониторингдин жыйынтыктарын ким белгилейт? Кызмат көрсөтүүнү баалоону кантип туура тандап алып, муну кантип ишке ашырса болот? Иш-чара өткөрүлгөн айылдын, айылдык аймактын деңгээлинде мониторинг процессин кантип уюштуруш керек? Бул суроолорго жооптор БМжБТ мүчөлөрүнөн мониторинг жана баалоону пландоо боюнча билимди жана көндүмдөрдү талап кылат. Биринчи кезекте мониторинг жана баалоо боюнча планды түзгөндү билип, алынган жыйынтыктарды компьютерде иштеп чыгуу боюнча базалык көндүмдөр жана билим зарыл. Бул суроолор өткөрүлгөн бир күндүк тренингдин алкагында каралып чыкты.

2016-2017-ж.ж. өткөн маанилүү мониторингдик иш-чаралардын бири жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо болду. БМжБ топтору айыл активисттеринин колдоосу менен кызмат көрсөтүүлөргө үч баалоо жүргүзүштү. Алардын ичинен эки баалоо 2016-жылы, бир баалоо 2017-жылы өттү. Баалоо 38 айылдагы 12 муниципалитетте өтүп, 866 анкета толтурулду. Орточо эсеп менен ар бир айылда 22 анкета толтурулуп, 14 кызмат көрсөтүүгө баа берилди. Сурамжылоого катышкандардын 42,1% эркектер, 57,1% аялдар болду. Суроолорго жооп бергендердин орточо жаш курагы 44 жашты түздү. Тренингдин катышуучуларына кызмат көрсөтүүлөрдү баалоонун жыйынтыктары, эркектерди да, аялдарды да, түрдүү жаш курактагыларды сурамжылоо канчалык маанилүү болгону көрсөтүлдү. Бул жынысына жана жаш курагына жараша жамаат мүчөлөрүнүн түрдүү керектөөлөрүнө жана кызыкчылыктарына байланыштуу.

Кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо үчүн анкета жана



аны толтуруу боюнча нускама иштелип чыкты. Айыл жашоочулары кызмат көрсөтүүлөрдү 5 баллдык шкала менен баалашты. Мында 1 балл “өтө начар”, ал эми 5 балл “мыкты” дегенди билдирет. Кызмат көрсөтүүлөрдү баалоодо анын критерийлерин аныктап алуу маанилүү учур болуп эсептелет. Кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо үчүн алты критерий аныкталды. Алар: кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты, мөөнөтү, маалымдуулук, баасы, кызмат көрсөтүүгө канааттангандык жана кызмат көрсөтүү жөнүндө өз пикирин билдире алуу мүмкүнчүлүгү. Кызмат көрсөтүү жылына эки жолу – жыл башында жана этегинде бааланды. Бул болсо жыл ичинде биринчи жана экинчи баалоо ортосунда болгон өзгөрүүлөрдүн динамикасын көрүүгө жардам берет. Тренингде кызмат көрсөтүүнү баалоо аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын жакшыртуу маселелери каралды.

Кызмат көрсөтүүнү баалоо деген эмне? Бул – айыл тургундары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө өз баасын берүү дегенди билдирет. Ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги 24 маселени чечиши керек. Бардык 24 кызмат көрсөтүүнү баалоо мүмкүн эмес. Ошондуктан айыл тургундарына алдын ала баалоо үчүн кызмат көрсөтүүнү тандап алуу сунушталат. Кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алуу процесси жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) боюнча иш-чараларда жүзөгө ашат. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун мүчөлөрү менен алдын ала талкуу өткөргөндөн кийин Долбоордун адистери төрттөн ашпаган кызмат көрсөтүүнү баалоону сунушташты.

Кызмат көрсөтүүлөргө жүргүзүлгөн баалоонун анализинин жыйынтыктары боюнча, Чүй облусундагы 12 пилоттук муниципалитеттин жашоочулары баалоо үчүн 14 кызмат көрсөтүүнү тандап алышты. Алар: таштанды чыгаруу, бала бакча, медициналык кызмат көрсөтүүлөр, ичүүчү жана сугат суу, көчөлөрдү жарыктандыруу ж.б. Бул жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрү болчу. Тренингде баалоо үчүн кызмат



көрсөтүүлөрдү кантип пландап, жаңыларын кантип кошуу керектиги тууралуу сунуштар берилди.

Ошондой эле ар бир муниципалитет боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү баалоонун жыйынтыктары берилип, аларды андан ары чогулуштарда, элеттик жыйындарда, донорлордун жана башка уюмдардын колдонуусу үчүн даярдалды. Мисалы, 12 муниципалитетте кызмат көрсөтүүнү 1-баалоонун жана 3-баалоонун анализинин жыйынтыктары боюнча алсак, ичүүчү суу боюнча оң өзгөрүүлөр бар. Алгачкы төрт категория боюнча өсүш 0,1 баллды жана «кызмат көрсөтүү боюнча өз пикирин билдире алуу мүмкүнчүлүгү» критерийи боюнча 0,2 баллды түздү. Жамааттар ичүүчү суу (100%), таштанды чыгаруу (66%), сугат суу (58%) ж.б. өңдүү өзгөчө артыкчылыктуу жана маанилүү кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алышып, аларга баа беришти. Тренингде БМжБ тобунун мүчөлөрү кызмат көрсөтүүлөрдү баалоонун маалыматтарын Excel форматында иштетүү боюнча билимге ээ болушуп, көндүмдөргө үйрөнүштү.

Жалпысынан тренингде катышуучулар кызмат көрсөтүүлөрдү баалоону пландоо, уюштуруу жана өткөрүү, артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алуу, алынган маалыматтарды иштетүү, отчет жана диаграммалар түрүндө жыйынтыктарын тариздөө боюнча билимге жана көндүмдөргө ээ болушту. Тренингдин жыйынтыктары боюнча 2017-жылдын соңуна чейин кызмат көрсөтүүгө баалоо жүргүзүү боюнча пландар белгиленди. Тренингдин катышуучуларына консультациялык колдоо көрсөтүү тууралуу чечим кабыл алынды. Айылдык аймактын деңгээлинде ишке ашырылган жана жыйынтыкталган иш-чараларга мониторинг менен баалоону пландоо жана өткөрүү, алар боюнча отчеттуулук өңдүү маселелер боюнча консультация берилмей болду. Мониторинг жана баалоо боюнча тренингден алынган билим жана көндүмдөр айылдык аймактын деңгээлинде мониторингди эффективдүү жүргүзүүгө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын жогорулатууга жол берет.



***Чүй облусунун 12 пилоттук муниципалитетинде кызмат көрсөтүүлөрдү баалоонун жыйынтыктары (ичүүчү суу)***

| Бааланган кызмат көрсөтүү | Кызмат көрсөтүүнүн номери | Баалоонун критерийлери (1-5 баллдар менен) | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сапаты | Мөөнөттөрү | Баасы | Маалымдуулук | Канааттануу | Пикир билдире алуу мүмкүнчүлүгү |
| Ичүүчү суу | 1 (июнь 2016-ж.) | 3,6 | 3,2 | 3,6 | 3,4 | 3,4 | 3,1 |
| | 2 (ноябрь 2016-ж.) | 4,0 | 3,6 | 3,9 | 3,6 | 3,7 | 3,6 |
| | 3 (июнь 2017-ж.) | 3,7 | 3,3 | 3,6 | 3,5 | 3,4 | 3,3 |
| **Өзгөрүүлөр динамикасы (1 жана 3)** | | **0,1** | **0,1** | **0,0** | **0,1** | **0,1** | **0,2** |